
С(Къырг)
П-18



Исматулла Парпиев

# ЭЛЧИЛЕР

**ВОЗВРАТИТЕ КНИГУ НЕ ПОЗЖЕ**

обозначенного срока

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

48 20 87

Исматулла Парпиев

# ЭЛЧИЛЕР

*(Тарыхий поэмалар)*

Бишкек – 2017

ББК 821. 51
УДК 84 Ки 7-5
П 18

Китептин басылышы Кыргыз республикасынын өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы тарабынан каржыланды.

П 18 Парпиев Исматулла
Элчилер. – : «Полиграфбумресурсы», 2017. – 100 б.
Б.
ISBN 978-9967-472-67-9

Бул ыр дастандар-поэмалар көрүнүктүү Казак жазуучусу Ильяс Есенберлиндин «Алтын Ордо» үчилтигинин жана тарыхий материалдардын негизинде окурмандарга, айрыкча жаштарга жөнөкөй көркөм сөз менен жазылган.

Тарбиялык мааниси өзгөчө зор.

РБДЮ им. К. Баялинова
МЕКЕН ТААНУУ

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 482087

П 7402300200-17

ISBN 978-9967-472-67-9

ББК 821.51
УДК 84 Ки 7-5

© Парпиев И., 2017

## АРУУЛУК МЕНЕН АКМАКЧЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ ПОЭМАЛАР

Мен айылдык акын, сөздүн толук маанисинде жакшы акын Исматулла Парпиевдин «Барак», «Кара-Бугу», «Элчилер», «Кундуз сулуу» аттуу төрт поэмасын кунт коюп окуп чыктым. Аталган поэмалардагы окуялардын баары тең Чыңгыз хандын чыңырык көтөрүп келген, Батый хандын балээлерди коштогон дооруна таандык. «Барак» поэмасында Батый хандын төрт уулу бар экендиги айтылат. Ал кайсыл жерди басып алса, ошол жерден көңүлүнө жаккан кызга үйлөнчү экен. Улуу баласы Сартактын апасы ойрот, Токтохан, Аюухан, Улакчынын энелери кыпчактын коңурат, маңгытынан.

Ошентип Батый хан 47 жашка чыкканда Хорваттын бир шаарын чаап, кайра келатканда, козу карын терип жүргөн бир кызды көрүп калат. Кемпир-чалдын жалгыз кызын Ак ордого алып кетип, анын ата-энесин тирүү калтырганын калын катары эсептейт. Батый хан андан Барак аттуу балалуу болот. Ошол баласы беш жашка чыгып, атасынын алдында ойноп жүргөндө бүркүт илип кетет. Ошондо Батый хан эркектердин баарын кырып, бирок чепти алалбай жалаң аялдар калганын көрүп, аларга чепти ачсаңар балдарыңарга тийбейбиз деп куулук менен кайрылып, энелерин катарга тизип, балдарынын баштарын кыя чапканын эстейт. Бардык поэмаларда терс каармандар жасаган иштери үчүн жаза алат.

Экинчи поэмасы «Кара-Бугу» – бул Батый хандын жоокеринин ысымы. Ал Новгород жеринен салык жыйнап келатын баардыгы тең балакатка жете элек, бакыран көз тестиерлер элтеңдеп ойноп атканда алардын арасынан узун бойлуу, алтын чач түспөлдүү, ак балтырлуу кызды көрүп калып, эси оой түшөт. Муну «Кургур ай! Кузгунга эми туш болду» – дейт автор. «Кыз» эс-учун жоготуп, көмөлөнө жыгылып, эңгезер доңуз энип алды ныгырып.

Ошондо кыздын жүрөгү жарылып кетет. Кара-Бугу каапыр жасабаган ишти жасап, мүрт кеткен аруу кыздын үстүнө жыгылат. Ал кыз Святославдын кызы эле. Батый хан:

- Сиз эмне дейсиз? – деди ал Святославга.

- Алтын ордонун ханы, бар тилегим,
Ушул маңгулду өз колум менен,
Мууздоого уруксат берсеңиз? – дегеним.

Ошентип Кара-Бугуну Святослав бычак менен мууздайт, кызын жерден алып жолго түшкөндө:

– Тиги кишини токтотуп, алдына ат мингиз! Чөнтөгүнө кызынын кунун салып бер - дейт Батыйхан. Эл дегениң кызык! Миң жамандыгынан, бир жакшылыгыңды артык көрөт! - деп аяктайт поэма.

«Элчилер», «Кундуз сулуу» аттуу поэмаларындагы окуялар да кыздардын тагдырына байланышкан. Мен сюжетин айтып бергенден, окурмандын өзү окуганы түзүк го деп эсептейм. Исматулла Парпиев англис тили боюнча мугалим. Байрондун ырларын кыргыз тилине которгон. Газетага жарыяланган ырларынан улам дараметтүү акын экендигин коптон бери байкап келемин.

Акын болуу адамды,
Тазалыкка чакыруу – дейт.

Жолон Мамытов поэмаларында тазалыкты, аруулукту даназалаган. Исматулла Парпиевдин чыгармачылыгына ийгилик каалайм.

*Карбалас Бакиров*
*акын, журналист,*
*КРмаданиятына эмгек сиңирген ишмер*

# ГЕНДЕРДИК САЯСАТКА ШАЙКЕШ ПОЭМАЛАР

Исматулла Парпиев «Барак хан» поэмасында Батый хан доорундагы санжыргалуу окуялар чагылдырылып, автор легендага айланган элдик уламыш-притчалар аркылуу гуманиздин туусун көтөрөт. Каардуулукка, таш боордукка кайрымдуулук менен мээримддүүлүктү каршы коет. Балдарын өлүмгө бербеген энелердин бүтүндөй бир шаарды коргоп турган эрдиги, Батый хандын өз сөзүнө турбаган сайпаналыгы, акыры келип, жашоо-бумеранг демекчи өзүнүн сүйүктүү баласы Баракты өз колунан бүркүткө алдырып жиберип, айла таппай сыздагыаны философиялык негизде, контрасттуу сүрөттөлот.

И. Парпиевдин «Кара Бугу» поэмасында дагы кайрымдуулук, адилеттүүлүк темасы көтөрүлөт. Кара-Бугу деген нөөкөр жаш орус кызды коркутуп өлтүрүп, зордуктагандыгы үчүн кыздын атасы Святосавга өз нөөкөрү Кара-Бугуну өз колу менен мууздап өлтүрүүгө уруксат берет. Святослав өлгөн кызын көтөрүп кайтып баратканда Батый элге угуза: «Өлгөн кыздын кунун чөнтөгүнө салып берип, ат мингизип узаткыла!» – дейт. Эл Батыйга ыраазы болот. Автордун баяндамада И. Парпиев: «Эл дегенин кызык, мин жамандыгыңды унутуп, бир жакшылыгыңды эстеп калат.» – деген тыянак чыгарат.

«Элчилер» поэмасында намысы аруу калган кыз ага тийбегендиги үчүн Гаврилди өлүмдөн сактап калгандыгы айтылса, «Кундуз сулуу» поэмасында улуу сүйүүнүн бийиктиги даңазаланат.

Байыркы көчмөндөр менен славяндардын турмушунан алынган курч окуялуу уламыштар аркылуу автор адамзат түптөөгөн асылнарктар баарынан бийик турарын көрсөткөн. Бүгүнкү күндө көзү менен караганда гендердик саясат темасы абдан терең чагылдырылган.

Окурмандардын көркөм дүйнөсүн байытуучу И. Парпиевдин китебин «Кыргызпатенттен» чыгаруу чынында да алгылыктуу иш болоор эле.

*Атантай Акбаров, акын, Алыкул Осмонов сыйлыгынын жана ИМБУнун алтын медалынын ээси.*

## ЭЛЧИЛЕР

Доңуз 1256-жылы Гаврилди,
Ал – Александр Невскийдин небереси.
Алтын Ордого ошол жазда Сартак Ханга,
Зор үмүт менен элчиликке жиберди.

Максаты- немис рыцарларына өз күчүн,
Ливон Орденине каршы чыгуу үчүн,-
Эч болбосо Псков менен Новгородду,
Салыктан убактылуу бошотуу болчу.

Кычыраган кыштын кыраан аязында,
Ак сарайдын батыш жак тарабында.
Алтын Ордонун төлөнгүттөрүнүн курчоосунда,
Алдыга баштап бараткан нускоосунда.

Башында кыпчактын сүйрү тобөлүү түлкү тумагы,
Карсак ичик кийинген керилген Гаврил учурдагы.
Орустун ондогон жандооч боярлары коштогон,
Ордого кирипти, эч ким жолду тоспогон.

Хан Ородосунан жаңы гана чыгып турган,
Келаткан конокторго өзгөчө көңүл бурган.
Башында барпайган кундуз тебетей,
Жонунда жылтылдаган кундуз ичик желбегей.

Алтын куруна байланган сөөк саптуу андагы,
Алтын кындуу карыштай канкор канжары.
Алдыда баштап келаткан, омоктуу атка отурган,
Адамдар арасынан жаш Гаврилди тааныган.

Ордонун тамандырыгынан төмөн кадамдады,
Салмактуу басып, утурлай тосуп алды.
Алтын Ордонун ханы өзү келатканы,
Аларга , конокторго болгон сый-урматы,
Атчандар аттарынан түрө түшө калды.

Орус боярлары менен княздары,
Сартакка жакын келип, ийилип салам айтты.
Хан Гаврил менен моңгол адатынча,
Төшүнө төшүн тийгизип кыса учурашты.

– Кош келипсиздер! – деди Сартак,
– Айтканың келсин, Алтын Ордонун ханы,-деди.
Гаврил башын ийип азыраак:
– «Сиздин андаңыз, биздин агабыз сазыраак;

Александр Ярославовичтин өзүңүзгө арнаган,
Айткан өтүнүчүн айтууга келдик биз алыстан.
– Кымбаттуу коназдын саламын талаадан эмес,
«Ордодон угалы, конок болуңуздар, андыктан».

Учурашкандан соң, Ордого көздөй бет алды,
Сартак Гаврил экөө катарлаш тең басты.
Келгендерди тегизинен, тезинен ээрчите,
Кечиктирбей баштады, эч ким калбады.

Ал конокторго коомай назар салганы,
Башка коназдардан кыйгачтай келе жатканы,-
Узун бойлуу, ак-сары, жүдөө, кызыл сакалдуу,
Тааныды Новгороддун өзгөчө адамы-Святославты.

Аның көзүнөн- Шайы менен баркыт кийинген,
Алтын Ордонун бекзаадаларына тикенеги тигилген.
Кытмыр хан баарын ичтен туюп аңдады,
Баягы жылдагыдай ызгаардуу түрүн байкады.

Сартак хан жылмая күлдү аргасыз,
– Орус эли жокчулукка учурап, тамакты араң таап жатканда.

«Силер биздин аркабыз менен оронуп жүрөсүнөр,
Кымбат баа шайыга жана баалуу баркытка;-

деп ойлоп келатасың го, – деди Святославты,
Алтын Ордонун ханы, ырас болчу анысы.
Святослав бекзаадаларды тунжурап тиктеп карады.
Тагдырга баш ийбеске арга барбы? Айла барбы?!

Сартак орус элчилерин, шериктерин,
Ээрчитип өз ордосуна киргенден кийин.!
– Урматтуу элчилер! Сүйлүшүлү, түз ойлоңуздар.
Бүгүн Алтын Ордонун кадырлуу коногу болуңуздар!

Орустар келгени кабагы ачылбай, кар жаачуудай,
Адамга карап: Суук аке, сиз каршы эмессиз го?-деди хан.
Ал – кечээги Батыйдын баш вазири болчу,
Бүгүн Ордонун акылчысы-Суук эле алтымыш ашкан.

Хандын берген суроосуна айттырбай түшүндү ал,
– Жөн экен, ханым, – деди башын ийип саал.
Алыстан ат арытып, көбүк чачып тердетип,
Келген меймандардын дем алганы туура кеп.

Конокторго арналып туу бээ союлду,
Чакалап торасан, сабалап кымыз куюлду.
Бөкөөл Сары Бугу, бутунун учу менен жүгүрүп,
Кызмат кылды, сый көрсөттү бүгүлүп.

Атактуу кыпчак тайчысы Сөлөнгүт керилип,
Домбурасын чертип, мойнун созуп кекейип;
Чыңгызхандын санжырасын, Алтын Ордо атагын,
Кыпчакча түрүн айтты жан дилден берилип.

Бир кездеги тайжүгүттөр түрүлө-сүрүлө,
Чыңгызханды өлтүрмөк болуп издеп жүргөндө.
Үйүнө киргизип аман алып калган тайжүгүт Торган Шерсни,
Дархан кылып, зоот кийгизип, үкү тагууга уруксат бергсни.

Эгер ал кандайдыр бир кылмыш жасаганда,
Тогуз жолу эч жазаланбасын деген жарлыгын ырдаганда!
« – Чоң аталары жакшылыкка жакшылык кылган кеменгер»,
Чуу көтөрдү, дуу көтөрдү отургандар ого бетер!

Чыңгыз хан көтөрүүгө өз күчүн кошушкан,
Атактуу баатырлар Алтай, Хучир, Сечей-бек болушкан.
Алардын берген убадаларын, ыйык антын оңунан,
Кыпчакча дааналап айтып бүттү соңунан.

«Силер да Сартак Ханга ошондой берилгиле,
адал болгула», дегендей отургандарга кылчактады.
Тайчынын оюн эң обол Святослав менен Суук түшүндү,
Суук башын ийди, орустар ого бетер тунжурады.

Келгенден бери Святославтын жүзү салыңкы,
Кабагы карыш, маанайы суз басыңкы.
Жүрөгү сыздайт, оюнда ойлойт башканы,
Сый тамакты сыпайы гана даам татканы.

Көкүрөктү өйүгөн өтө ачуу арманы,
Сартактан башка кытмыр Суук да байкап калганы.
– «Мен силерди жек көрсөм, силер да бизди жек көрөсүңөр,
Душманым Гаврил эмес, карт карышкыр өзүңсүңөр!».

Учуру келгенде алар бирин-бири карап өтүштү,
Ички сырларын түшүнүштү, билгендей болушту.
Көз карегинде кандайдыр суук кек кармашкандай,
Тайып кетип жок болот канжар мизиндей жаркырай.

Айкашууга, таймашууга даяр тургандай,
Эки жоонун эрөөлүн акыл, сабырдуулук баскандай.
Жанагы үч ноендун антына Чыңгыз хандын,
« – Жоодон тапкан олжоңор мага эмес өзүңөрдө калсын!».

Чыңгыз хандын катуу тартиптеринен,
Хан сарайда Ордо тынчтыгын бек сактоо деген.

Ал үчүн хандын өзү тыргоот, каптагул жасакчыларынан,
Түмөндөгөн ишенимдүү кол кураган.

Миң башчылардын, жүз, он башчылардын,
Карапайым калктын ак ниет балдарын, –
Бойлору келбеттүү, акыл-эстүү экенин,
Айтып кеткен андай адамдар керектигин.


Кызмат өтөгөнү келген миң башы балдары,
Өзү менен кошо он жолдошун, болсо өз инисин дагы.
Жүз башчынын балдары беш жолдошун, бир инисин,
Он башынын, карапайым калктын балдары үч жолдошун,
инисин ала келсин.

Мурда кызмат кылган жоокерлер минген атын,
Каруу жоо-жарагын кошо берсин!
Алардын аталары бергенине карабай, мында-
Мингенине ат, кару жарагын камсыз этсин!

Тартип жөнүндө өтө так тактап айткан,
Каптагул даражаларын, милдеттерин сактаган: –
Алар отурган жерде эч ким отурбасын.
Ал турган жерден эч ким аты-жөнүн айтпай өтпөсүн.
Каптагул күзөттө, турган үйдө, анын уруксатысыз кирбесин,
Өтүп баратып, эч ким эч нерсе дебесин!

Күзөттү турган жерге канча адам басып барбасын,
Жобурашып жөнү жок маек курбасын.
Ноёндор, миң башчылар андан кийин отурсун!-деп,
Чыңгыз хан буйрук кылган катуу бекемдеп.

Кан Ордосунун тиреги-аскери болсо,
Ал аскердин тиреги – каптагулдар деген.
Аларга кайсы жагынан болсо да үстөмдүк берген,
Ошондуктан сырткы жоосу эмес, ички тирешкен,
Касташкан душманына чокмору шилтенген!



Заманында Чыңгыз хан айтып кеткен экен:
– « Күндөрдүн бир күнүндө менин тагыма келген,
Башкарууну колго ала турган урпактарым.
Мен үчүн мурас орноткусу келсе,
Мурасы- менин жолумду улантарым.

Өзүм түзгөн, өзүм башкарган,
Он миң жоокерден турган,
Кол кошунумду көздүн карегиндей сактасын!
Темирдей тартипти катуу кармасын!

Ушул он миң кошуунум эле,
Мени душманымдан коргойт.
Кандыгымды калкалайт, колдойт.
Мен үчүн жан ачыган периштелерим;
Жан аябаган жоокерлерим, – деген.
Мунусу кийинки укум-тукумуна жеткен,
Калтырып кеткен олуттуу осуяты экен!

Алтын Ордодо ошондой колдон дагы бар болчу,
Аларды Батыйхан төлөнгүттөр деп атады.
Алардын каптагулдардан эч айырмасы болбогон,
Анткени, милдети, кызматы,-
Хан ордосун күзөткөн коргону болгон.

Аларды касташкан адамдары,
Жанын алган желдеттери кылып тарбиялашты.
Төлөнгүттор хан ордосун күн бата,
Тегеректеп курчап алышкан түн ката.
Бекзаадалары кетери менен үйүнө,
Кайра тирүү жан кирбейт болчу түнүлө.

Алыс жолдон чарчап келген орустарга,
Атайын арналган мейман үй бөлмөлөргө.
Экиден, үчтөн болуп бөлүнүп кирип,
Жата баштады ак мамык шайы тошөктөргө.

Гаврил да өзүнө арналган үйүнө,
Акырын басып ичкери кирди.
Сырттагы күзөтчүдөн тышкары эшигинде,
Атайын төлөнгүт коюлганын да билди.

Ал эми гана чечинип жолборс тери үстүнө,
Салынган тошөгүнө жата берем дегенде,
Шам кармап Сартактын катчысы кирди,
Румдук Кояк коомай басып телмире.

– Ракым этиңиз, коназ-деди башын ийип,
– Бир нерсе айтмак белеңиз, айтыңыз – деди Гаврил.
– Хандын буйругу боюнча азыр сиздин койнуңузга,
Төлөнгүт бир кыз алып келип берет ойнуңузга.

– Кыз? Аны эмнеге алып келет болду экен?
– Байыртан монголдордун үрп-адаты менен,
Кадырлуу коногуна койнуна кыз салып берген.
Ал-эң жеткен урмат-сый, салты боло келген.

– Салт? Христиан done андай салт жок го,
Сартак хан христиан эмесби ошондо?
– Жок, ал монгол!
Кызык экен! – деди Гаврил ойлоно.
Ал кезде Кояк чыгып кеткен эле болбосо.

Бир аздан кийин энгезердей төлөнгүт эшиктен,
Ээрчитип кирди ай-перини келишкен.
Кырмызы гүлдөй жайнаган, жибектей созулган,
Кыпчактын уулдай аппак кызын жоодураган.

Ордонун шордуу ашпозчу жесир аялдын кызы,
Көзүнүн карегиндей сактаган жалгыз жылдызы.
Жапжаш өспүрүм секелекти алып келди,
Энесинин көз жашы көл болуп кала берди.

– Мынаңыз, – деди төлөнгүт эми.
Гаврил оозун ачканча башын ийип чыгып кетти.
Бул эмне деген шумдук такыр көрбөгөн,
Эс-акылы жетпеген, эч бир көнбөгөн?!

Ала жаздагы бүрдөгөн тал чыбыктай,
Жапжаш кыз  капаста калган чымчыктай.
Ботодой көзүнөн мөлтүр жаш ыргыгандай,
Орус жигитине оңтойсуз коркуп тургандай.

Гаврил таң кала катты да калды,
Олдоксон иш экенин обу жок ойго салды.
Чыпында кыздын өзү тим эле укмуштай,
Турпаты  булуттай, туп-тунук булактай.

Сулуу эле, ай-чырайлуу, кыр мурундуу,
Тептегерек, кап-кара көздөрү утуру;
Бейкүнөө жан сезим айгагы болгондой,
Ирмеп-ирмеп коет жашка толгондой.

Жоон кош өрүм чачы чубалып жерге тийет,
Алма сабагындай болуп башын ийет.
Кыздын коркуп турганын ал жакшы түшүндү,
Жаны ачыды, акырын босого жанына келди.
Корккондон кыз денеси дир-дир этти,
Эки колу бетин басып ыйлап жиберди.

Аң-таң болгон Гаврил карап калды,
Ыйлаган кыздын жону бүлкүлдөйт.
Ансайын эки далысы кылактайт,
Калчылдайт, солкулдайт, дирилдейт.

Кыздын далысынан акырын сыйпалай,
Эшиктин алдына чейин басып барды.
- Коркпо, тийбеймин! – деди, кыз түшүнбөдү,
Ичи уйгу-туйгу Гаврил жалдырай төлөнгүткө:
Кызды үйүнө жибергиле, тийбегиле, – деди да,
Эшикти кайра жаап алды.

Кечки тамактан кийин коноктор,
Эртеси келишим сөз баштамак болуп өз жайларына тараган.
Сартакка ээрчип күнү бою карышкыр кууп чарчаган,
Гаврил эми төшөгүнө жатайын деп атканда,
Кечеги төлөнгүт баягы бото көз кызды,
Алып кирди:- Мынацыз! – деп кайрадан.

Гаврил кызга таңдана карады тигиле,
Кыз кечеги күнкүдүй ыйлаган жок элире.
Бир нерсе айткысы келдиби, эки жагын элеңдей,
Эшик жакты карай берди, корккон немедей.

Кыздын бирдеме айткысы келгенин түшүндү,
Өзүнө ымдады, кел деп чакырып үндөбөдү.
Кыз кармап алабы деп кыйла чочуп,
Бут учу менен илбий жакын келди коркуп.

- Эмне айтмакчысың? – чарчаган Гаврил ага карады,
Менби?.. Эмне айтсам экен.. Өзүнө сак бол, анабы,

Рашиян шарабын бериши мүмкүн, чын айтам сага!-
Аран айтты ушуну кыстала, мукактана.

Рашиян шарабы дегенди түшүнгөнү менен,
Монгол хандары мурдатан иче келген.
Кыздын сөзүнө толук түшүнбөгөнү менен,
Кооптуу сөз бар экенин сезген.

– Эмне дейсиң?-кызга суроолуу карады,
Тигил эмне дээрин билбей калды.
Ал сөзүн түшүндүрүү үчүн колун жаңсай баштады,
Апамдын айтуусу боюнча сага дагы;

Эртең рашиян шарабын берет. Сен болсо,-
башын чайкап, кесени колу менен итере түртүп,
– Ичпе! Ичсең -- ал колун оозуна алып барып,-өлөсүң!
Өлөсүң! – дегендей бир жагына кыйшайды бүктөлүп,
Өлүп бараткан адамдын түрүн көрсөтүп.

– Рашиян  шарабы дейсиңби? – деди ал.
– Ооба, ооба! – деди кыз жал-жал карап.
Жигит ыраазычылыгын билдире башын ийкеди,
Рахмат, – деп эшикти көрсөтүп, бар эми кете бер деди,
Кыз акырын сыртка  чыгып кетти.

***

Ар кандай адамдар менен коом тагдырында,
Арак-шарап өзгөчө орун алган.
Арак-шарапка берилип кеткен айрым элдер,
Өзүнүн улуттук касиетинен айрылган.

Майдаланган, жок болуп кеткен,
Көбүнчө, жоолап алган жоокер элдин үстөмдүгүн.
Кару-жарагы, зордугу, маданияты менен,
Таалим-тарбиясына кошо арак-шарабын ала келген.

Кару күч менен болбогон жерди негизинен,
Элди дин, арак-шарап менен жеңген.

Алдамчы үрп-адаттар, жосунсуз жоруктар, –
Келечексиз, бакытсыз тагдырга жолуккандар.

Айрыкча өз алдынча мамлекетке жетпеген,
Кичинекей өлкөгө арак-шарап зыяны көп тийген.
Муну Чыңгыз хан да өтө жакшы билген.
Устаттык менен урунуп, колдонуп келген.

Бирок, ар түрдүү улуттан түзүлгөн аскердин,
Жоого каршы бет алышына, кармашууга,
Темирдей тартип гана орнотпостон,
Алардын акылын, дене боюн жибитип жумшартууга;
Кызыта турган күчтүн да керек экенин ойлогон.
Ошондуктан элди тоноону, арак-шарап ичүүнү,
Аялга кыянат кылууну токтотпогон.

Кээде Чыңгыз хан мас болуп алып, Шиги Хутугдун,
– «Сенден да жогорку күч бар» деген сөзүнө кскене:
– «Менден да жогорку күч менин башымдагы тебетей», – деп,
Баш кийимин хан тагына өйдө коюп, таазим эткен ээ!

Чамаларынын келишинче Чыңгыз хандын урпактары,
Бабасынын осуятын аткарууга тырышкан.
Бирок, карамагындагы элге, чаап алган жердегилерге,
Арак-шарабын токтотпогон, тыйбаган.

Алардын акыл-ой сезимин төмөндөтүү үчүн,
Көбүрөөк ичсе деп тилеген, үйрөткөн.
Тартипти бузсак, каапыр болуп кетебиз деп коркушкан,
Жоолашкан элди ичимдик менен жоошуткан.

Самарканда болгон чоң жыйында,
Күйүк хан Хорезмдин имамы Нураддинден!
«-Арак-шарап чарчаган адамдын көңүлүн сергитет,
Кайгысын арылтат, кишинин боюн балкытат.
Анын үстүнө жемиштен, таза буудайдан ачытылат,
– Эмне үчүн Мухаммед пайгамбар үммөттөрүнө,
Ичүүгө такыр тыюу салат?»

– Ал мындай окуядан келип чыккан – деди имам.
– Мухаммед пайгамбардын бир сахабасы,
Алыс жакка бара жаткан, абдан чарчаган.
Жолунда кезиккен жесир аялдын үйүнө конмок болот,
Жаш жесир аял кондурбайт, бирок, бир шарт коет:

– Конгуң келсе үч шартым бар сага,
Үчөөнүн бирин аткарсаң кондурам дейт ага.
– Кандай шарт – деп сурайт сахаба,
Анда аял! «Шартымдын бири койнума келесиң,
Же беш жашар балам бар, ошону өлтүрөсүң,

Болбосо жүзүмдөн жасалган шарабым бар,
Ошону толук ичип бересиң!»

Сахаба ойлонот: Аялдын койнуна барсам күнөөгө батам,
Жазыксыз баланы өлтүрсөм тозокко барам.
Шарапты ичсем-боюм балкыйт, чарчаганым басылат,
Көңүлүм көтөрүлөт деген ойго кабылат.

Болуптур, айтканыңды аткарайын деп макул болот,
Шарапты ичмек болуп аялдын үйүнө конот.
Чоң чыныдагы шарапты ичет, мас болот,
Аялдын койнуна да барат, баласын да аябайт,
Мас акыл-эсин жоготот, эч нерсени карабайт.

Ушундан кийин Мухаммед пайгамбарыбыз,
Бардык үммөттөрүнө кандай учур болбосун.
Ичкилик ичүүнү тыюу салып койгон.
Кылмыштуулукту, арамдыкты жойгон!

Алтын Ордо тиреги мусулман дининдеги эли,
Алар арак-шарап ичүүнү абдан күнөө дешкен.
Ошол себептен Сартак өзүнүн ордосуна,
Христиан диндеги Сары Бугуну бөкөлдүккө бекиткен.

482087

Эртесинде келишим сөздөр башталды,
Улуу Новгороддон эки жылга салык алынып ташталды.
Ушундай салыктардан Александр Невскийге баш ийген,
Башка княздар да боштотулду, келишим жактырылды.

Мындай жагымдуу келишимден кийин коноктор,
Түшкү тамактан кийин элине кайтмак болду.
Дагы хандын сарайындагы тамакканасында,
Кыпчактардын тегерек пас жазысы коюлду.
Хандын оң жагына Суук, сол жагына Гаврил отурду.

Конокторго арналып семиз бээ союлду,
Дасторконго түрдүү тамактар, ичимдиктер толду.
Сапырылган сары кымыз, аппак торасан,
Иймек саптуу идиштерде бекзаадаларга,
конокторго сунулду,
Күмүш идиште рашиян шарабы да куюлду.

Ханга бирөө жарым уу салып койбосун дегени.
Чынгыз хандын тартиби адатка айланган немеси,
Бутунун учу менен кызмат кылган аш башчысы,
Сары Бугу хандын алдындагы табактан этти кесип жеди.
Алтын идиштеги рашиян шарабынан бир ууртам ичти.

Хан биринчилерден болуп чөйчөктү колуна алды,
Башкалар да удаа кармады, эч ким калбады.
Сартак тартынбастан шарабын ичти колундагы,
Буга бирин-экин монголдор да кошулду.
Коноктор болсо идиштерин ичпей кайра койду.

Сартак таң калды. Кечээ шарапты аябай ичишкен,
Эмне, чочулап отурабы бир нерседен?
Эмнеден шектенди экен? Даам татканынабы анабу,
Аш башчынын менин идишимден?

Буларга кантсе да жаман ой пайда болдубу?
Коноктордун күдүктөнүшү жөн эмес онобу,

Бирөө ичимдиктерге бир нерсе салып койдубу?
Кокус бир нерсе болсочу?

-Сиздер шараптан неге албайсыздар?-деди ал,
Гаврилден көрө Святославка тийгизип саал.
Ал унчуккан жок, төгүп албайын дегендей,
Акырын көтөрүп каршысында отурган,
Сууктун алдына койду сыр бербегендей.

Баятан бери торасан бозосун ичип отурган,
Хандын акылчысы орустун оюн дароо түшүндү.
Ал идишке колун шашпай созо үндөбөдү,
Ооба, бу катаал оурс чалы туура кылды.
Бир балакеттин баары ушул Сууктун колунан келет,
Кечээтен бери ал келишимге каршы экени сезилет.

Бирок Суук:- Бала күнүмдөн бери монгол ичимдигине,
Торасанга гана үйрөнгөм, көнгөн элем.
Кытай ичимдигин жакшы көрчү эмесмин,-деди да,
Идишти оозуна алып бара жатып,-Кадырлуу коногубуз,
бергенден кийин, көңүлү калбасын деги да.

Жок, жок,-деди ичинен Сартак хан,
-Картаң акылманчымдын эч айыбы жок экен.
Ал эми шараптачы, кандай десең?
-Токтоңуз,-хан дароо Сууктун колун кармады,
-Өмүр бою ичпей жүргөнүңүз билебиз, какалып калбаңыз.
Анан ал тегерегинде олтургандарды сыдыра карады,
Хан сыйынан да коноктордун шекшигени жанга батты.

Шараптарды жыйнатканга да болбойт,
Сартак тегерегин дагы бир жолу кайра карады.
Бурулганда, ийилип турган Сары Бугуну көрмөк,
Бирок, ал артына бурулбады, бүткөн бою дуулдады.

Хандын көзү эшик алдында турган он сегиз жашта,
Кыпчактын сулууча келген сүлгүчү жигитине түштү.

-Ич! -деди Суукtун колундагы идишти көрсөтө,
Жок жаш жигит кесени алганына сүйүндү.

Эки колдоп абайлап кармады, оозуна алып барды,
Хан буйругун бузууга акысы жок, иче баштады.
Бир-эки жуткандан кийин өзүнүн мусулман экени,
Эсине түшүп, каапыр болорун билип, токтой калды.

-Ханым деди ал, «Мен мусулман элем,
Мындан ары ичпөөгө уруксат этиңиз» деп өтүнгөнчө,
Турган жеринен кулап кетти, шарабы төгүлгөнчө,
Хан ордунан тура калды, каны кайнады өлөрчө.

Гаврилге кастык ойлогон ким болду экен?
Александр Невский экөөбүзгө от жаккан ким деген?
Сартак хан канчалык текшерсе да билe албады,
Шарапка ким уу салганын таба албады.

Гаврилдин койнуна салып берген Кундуз кыздын,
Ашпозчу апасынан сураганда көптү билет эле.
Кызына тийбегендиги үчүн жакшылыкка жакшылык деген,
Шарапка күчала кошулганын кызы аркылуу билдирген.

## КАРА БУГУ

Азиянын ашмалтайын чыгарган,
Европаны эс-учунан оодарган.
Чыңгызхандын кызыл жаян кыргыны,
Чыгыш-Батыш аймагында коогалаң.

Үрөй учкан үстөмдүгү үч жүз жыл,
Багындырган жерлери бүт тып-тыйпыл.
Укум-тукум урпактары улантты,
Ууктурду, думуктурду, кууратты!

Зордук-кордук, зомбулук күч зулумдан,
Кыңк эттирбей кылычтары суурулган.
«-Өрттө! Өлтүр. Кыйрат! Талкала!
Калаа, талаа калсын канга жуурулган!»

Баш ийдирди, ийбегендер кан сийди,
Канкорлугун, макоолугун билгизди.
Жер жүзүндө желмогуздай адамдын,
Катаалдыгын карт тарыхка чийдирди.

Кара Бугу Батыйхандын жоокери,
Кара мүртөз, ырайымсыз баш кесери.
Толуп турган жыйырмалар жашында,
Жексурлугу жетти өз керт башына.

Анда ал жүз башы эле элирген,
Салык жыйнап келаткан Новгород жеринен.
Көктөм өсүп, жаркыраган жаз маалы,
Мужуктар жүрөт өгүз менен жер тилген.

Минген аты, жал-куйругу төгүлгөн,
Жасоолдордон алда канча болүнгөн.
Чынжыр соот, кара туулга кийинген,
Башкалардан албаат-калбаат көрүнгөн.

Кара жар таш жылып келе жаткандай,
Өтө сүрдүү, сүрүнөн заар чачкандай.
Арт жагында айланган зор чарадай,
Эки дөңгөлөк  үч араба толтургандай.

Карышкыр, коен, карсак, түлкү териси,
Үйдөй болуп үймөктөлүп үйүлгөн.
Кышы бою ийленген, жаз чыкканда берилген,
Чогулган салык накталай түрүнөн.

Алар камыштуу көлдү айлана бергенде,
Орус мужуктар түндүк жак тегиздикте.
Жыгач буурусун тартат күшүлдөк өгүздөр,
Энтеңдеген чолок куйрук эшектер.

Кандайдыр көк булундан көз албай,
Кара Бугу аттын башын бурду жай.
Камыштуу эңкейиш жээк тушунан,
Капыстан  топ балдарга туш кылган.

Баардыгы балакатка  жете элек,
Бакыраң көз тестиерлер  элтеңдеп.
Камыш ичи каз, өрдөктүн уясы,
Жумурткасын жыйнап терген кези экен.

Кийимдердин этектери томпоет,
Жол болгонго жоодурашат, компоет.
Бастырып жөжө чыгарышабы,
Же, кууруп жеп курсактарга салабы?

Байкоосуздан күтпөгөн моңголдордун,
Жасоолодорун көрүп, токтой калышты.

Чапкынчыдан коркуп-үркүп элейип,
Эси кетти билбей эмне кылышты.

Корккон балдар көздөрүн чоң алайтып,
Дал болушту, саамга таң калышып.
Анан кое берди, этектерин чачышты,
Тергендерин жерге төгүп шашышты.

Чыдай албай чыркырашты кулундай,
Туш тарапка дыркырашты чуулдай.
Чар тарапка зуулдашты, качышты,
Жырткычтардан эптеп аман калышты.


Алды жакта буту жерге тийбеген,
Чачы-башы кадим алтын түстөнгөн.
Тызылдаган бир кыз кетип баратты,
Башкалардан бойчол, аппак буттары.

Кара Бугу нес болду, дүйнөнү эми көргөндөй,
Кадалды, катып калды өзү өлгөндөй.
Анан туруп теминди атты, уруп жөнөдү,
Байкуш кыз, бакыраң көз бөжөктөй.

Кургур ай! Кузгунга эми туш болду,
Кууараган заман, маңдайга шор толду!
Түрсүлдөгөн наристе жүрөк туйлады,
Жарылчуудай жанын өтө кыйнады.

Эс-учун жоготту, көмөлөнүп жыгылды,
Эңгезер доңуз эңип алды, ээрге ныгырды.
Жасоолдорго жете келди сүйүнө,
Кара жүзү кан жүгүрө, дүүлүгө:
-Силер бастыра бергиле эми,
«Мен кууп жетемин тез эле».

Көл боюнда камышка кирди, көрүнбөдү,
Азыраак убакыт өттү, же өтпөдү.



Кыздын үнү кайталанып чыкпады,
Назик жүрөгү небак жарылды.

Балдардын үнү үрөй учурган,
Чыркыраган ызы-чуу кыйкырыгынан.
Бир шумдукту сезген мужуктар,
Аптыгып, шашып келди жумуштарынан.

Эң алды коржоңдоп жете келгени,
Кыздын атасы Святослав дегени.
Оозу-башы долдойгон, түрү суук зоңкойгон,
Жанынан өткөн Кара Бугу эле зуу койгон.

Аттиң! Өз колу менен өлтүрмөк!
Мандайында жатат кыздын денеси.
Кыса кучактап шалдайып кала берди,
Анткенче, мужуктар да жете келди.

Святослав үстүндөгү кийимин чечти,
Кыз денесин ороп-чулгады.

Көз жаш төктү, өксүп-өксүп ыйлады,
Перзентин эч нерсеге, эч нерсеге кыйбады!

-Силер бара бергиле деп,
Ханга барып бир жолугарын айтты.

Кыздын денесин бооруна кучактап,
Новгородго жакын Ильман көлүнө ыктап.
Токойлуу жээгинде бекзаадалары менен шарактап,
Батый хан жүргөн болчу ырахаттап.

Ал келгенде оз тобу менен хан дагы,
Көл жээгинен жанараак гана кайтканы.
Анын Александр Невский кишиси экени,
Билген нөөкөрлөр ханга алып келгени.

Батый жуунуп, чатыр алдында турган,
Святослав башын ийип болду амандашкан.
Кызын кучактаганча окуяны кыска айтты,
Кайгы, кан жутуп турганын узатты.

Хан бозоро түштү да, желдеттерге угузду,
Кара Бугуну кармап келүүнү буюрду.

Хандын кубарганы –ачууга буулукканы,
Аны билген жигиттер шамалдай зуулдады.
Конокко келген хан Өгөдөйдүн дарыгери,
Атактуу лама Сакыя пандитти келтирди.

Жетимиш ашкан окмуштуу дарыгерден,
Орус адамы кучактап турган кыз эмнеден,-
Өлгөндүгүн билип берүүсүн сурады,
Жообун эл менен чогуу угалы.

Нөөкөрлөр хандын көчмө тагын койду,
Батый хан жибек килемдүү ордуна олтурду.
Оң жагына Мөңкө, сол жагына аталаш иниси Берке,
Маңдай тарапка караламан калк толду.

Төрт желдет өткүр найзаларын такай,
Катуу камалап, жанчып жибере тургандай.
Ызадан желке жүнү түксүйгөн камандай,
Деми- жели түшкөн Кара Бугуну айдай.

-Колуна кишен салгыла –деди Батый,
Эки желдет эки жагына жете келди аткый.
Анын колун артына кайрып,
Чынжырлуу кишен салды шарактатып.

Ошол кезде Святослав үйдөн кызын көтөрүп,
Сакыя пандит экөө чыкты түнөрүп.
Эл бир шумдук болгонун түшүндү,
Орус адамдын колундагы кызга үңүлдү.

-Эмнеден өлүптүр?-деди Батый дарыгерден,
-Катуу корккондон, жүрөгү жарылып кеткенден.
Батый Кара Бугуну тик карады,
Миз бакпас көздөрү жалындады.

«-Багынган элдин бир кызы өлдү деп,
Алтын Ордого жан аябай кызмат кылган,
Сендей адамды кордогонум болбос кеп!»
Дегендей бир белгини билдирген сыяктанды.

Батый кайрадан дарыгерге кайрылды:
-Ошондо, бул орустун зордуктады,-
деген дооматы чын-аныкпы?
Мээримсиз жүзү жылаан көздөрүндөй,
Мизирейген көзү бирдеме издегендей.

-Ооба, бул чындык,-деди Сакыя пандит,.
Өлгөндөн кийин зордуктаганы өтө палит!
Эл тыптынч болду, тунжурады,
Эч кимиси үн катпады, унчукпады.

Душманы тезинен жеңилбегенде,
Көпкө кармашып каршылык көрсөткөндө.

Акыры, айласыз жеңилгенде,
Тирүүлөрдүн үстүнө такта көмкөргөндө:-
Алардын сөөгү кычырап сынып жатса да,
Бакырык-кыйкырык сай-сөөкө батса да;

Жан ачыткан үндорүнө кулак салбай,
Такыр эч нерсе болуп атпагандай.
Туйбай - сезбей, кенебей,
Тактай үстүндө тарасан жутуп коюп,
Бекзаадалары менен маашыр болуп,
Баягы олтура берчү Батый азыр бөксөрдү,
Сурданып, кумсарып, өзгөрдү.

Хан Кара Бугуга мизирейе тиктеди:
-Улуу пандит Сакыя айткан туурабы?
-Ошондой,-деп күр этти Кара Бугу..
Ал ылжайып күлгөн болду.
-Мен кыздын жанын кыйнаган жокмун,
Баары бир эмеспи!-дебеспи.

Ошондо Батый отө кумсарып кетти,
Бул сөз анын сөөгүнө жетти.
Дароо сол тарапта четте турган,
Баласы Сартакка көзү түштү,
Анын Кара Бугуга жийиркенгенин түшүндү.

Батый оң жагындагы Мөнкөгө бурулду,
-Кандай өкүм чыгарасыз?
-Ооба, бул моңгол жоокерине абийир эмес.
Бирок, көк жалдын Алтын Ордого кызматы ченебес.
Ага жазаны саал жеңилдеткен жөн,
Көк чыбык менен жүз балак урулганы оң.

Батый эми сол жагындагы Беркеге карады,
-Сиз кандай жазаны туура дейсиз?
-Мусулман дини боюнча мындай адам,
Тиги дүйнөдө тозокто күйүүгө тийиш дейбиз.

Анткени, ал күнөөнү балага жасаган,
Бул дүйнөнүн кылмышын тиги дүйнөгө,
Калтыруу –кечиримсиз иш жарабаган,
Биз үчүн да чоң күнөө аябаган.
Ошон үчүн миң балак урулсун,
Дабышы элге даана угулсун!

Батый ийин тирешкен элди карады,
Баарынын түйүлгөндөй кабагы.
Киши өлүмүнө көнгөндөй,
Мындай кылмышка эч кечирим көрбөгөндөй.

-Сиз эмне дейсиз?-деди ал Святославга,
-Алтын Ордонун ханы, бар тилегим,-
Ушул маңгулду өз колум менен,
Мууздоого уруксат берсеңиз?-дегеним.

Батый дароо ойлоно калды,
Кандай өкүм туура болот деги?
Мөңкөнүкү да туура, жеңилген элдин,
Болгону он жашар кызы өлгонү неси.

Он сегиз жашынан моңгол жеңиши,
Моңгол үстөмдүгү үчүн салгылашты.
Өлүм жазага тартууга ылайыкпы?
Күнөөсү чоң,- өлгөн кызды зордуктапты!

Берке айткандай миң балак урган туурабы?
Дабышы жалпы элге угулуп турганы.
Өлүп кетеби, тирүү калабы, өзүнүн багы,
Ушул өкүмдү эл туура кабыл алабы?

Ооба, алар өлүм жазасын тилеп турат,
Хандан да ошол өкүмдү күтүп атат.
Эл-дегениң ушундай аңкоо десе,
Жазыгы жок миллион адамдарды өлтүрсө.

Ушундай жерде адилеттикти көрсөтсө, –
Саин хан! Касиеттүү хан!- деп көкөлөтсө.
Бир жүз башынын өмүрүнөн,
Жүз миң элдин ою кадырлуу эмесе!

Ал дароо Святославга карады: Болсун тилегиң!
-Баракелде!- деген үн жаңырды бирөөнүн.
-Батый хан! Саин хан! Адилеттүү хан!
Күткөндөрү орундалды жанатан.
Бу элиң кызык, миң жамандыктан,
Бир жакшылыгыңды көрсө кубанган!

Тагдырдын эмне болуп атканын,
Кара Бугу эми гана түшүндү.
-Кечир ханым мени, кечир!-деди,
Жалбарды, жашыды, чөгөлөдү.

Кызынын денесин койду да, ага жакындады,
Ал жалдырай караганда ыкчам кыймылдады.
Ычкыр кашатынан канжарын сууруп алды,
Тамагынан тартты, өз колу менен мууздады.

Кара Бугунун казандай башы бир жагына,
Кыйшайып ооп шалактап бараткaнда,
Денеси жерге күп дей түштү,
Эл бир күйшөлдү, өх!-дей үшкүрдү.

Кызын жерден алды да жолго түштү,
Байкуш артына кайрылып караган да жок.
Эч ким аны токто дегенге жараган да жок,
Батый гана баш вазири Суукка бурулуп,:
-Тиги кишини токтотуп, алдына ат мингиз!
Чөнтөгүнө кызынын кунун салып бер!-деди элге угузуп.

Саин хан! Батый хан!-деп эл дуулдай түштү,
Өзүнүн кырк жыл чабуул уруштары күчтүү;

Миндеген аскери бар элди кырып жок кылган,
Дүйнөнү кан сасыткан, ташка салса кайтпаган.
Батый кээде ушундай болгон иштерге,
Адилеттүү, айкөл болуп көрүнөт!..

Эл дегениң кызык! Миң жамандыгынан,
Бир жакшылыгыңды артык көрөт!

*Исматулла Парпиев,*
*Кара Кулжа айылы.*
*20.05.2014-ж*

## КУНДУЗ СУЛУУ

***(Кыпчактын кыйын кызына арналат)***

Гаврил да өзүнө бөлүнгөн үйгө кирди,
Кийимдерин чечти, кереге башына илди.
Сыртта күзөтчүдөн башка да атайын күзөтчү коюлган,
Коопсуздук күчөтүлгөн, сакчылык катуу орнотулган.

Жолборс терисинин үстүнө салынган төшөгүнө,
Эми эңкейип жатайын дегенде, ичкериге.
Сартак хандын катчысы Румдук Кояк кирди;
-Ракым этиңиз, князь,-деп башын ийди.

-Бир нерсе айтмак белеңиз?-деди Гаврил төшөк үстүндө,
-Хандын буйругу боюнча азыр сиздин коюнуңузга,
Төлөнгүт бир кыз алып келет түнкү оюнуңузга,
Каныңыз дүргүсүн, жүгүрсүн бүт дене боюңузга!

-Кыз? Эмнеге алып келет? Ал кимге керек?
-Байыртан монголдордун үрп-адатында десек,-
Кадырлуу коногунун койнуна кыз салып берет,
Ата-бабадан калган салты сакталып келет.

-Салт? Христиан désininде андай салт жок,
Сартак хан христиан эмеспи, бир аз токто.
-Жок, ал моңгол! Каны-жаны нак моңгол!
-Кызык экен!- деди Гаврил бир аз ойлоно.

Аздан кийин эңгезердей төлөнгүт эшик оозунан,
Кырмызы гүлдөй жайнаган, жибектей созулган,

Кыпчактын уздай аппак кызын ээрчитип кирди,
Сыпайы эңкейип, ийилип башын ийди;

-Мынаңыз,- деди да Гаврил оозун ачканча,
Көкүрөккө колун ала, сыртка чыкты шашканча.
Күтүлбөгөн көрүнүш болду өзүнчө,
Конок ыңгайсыз абалга туш болду башкача.

Ордо ашпозчусу жесир аялдын өспүрүм кызы,
Маңдайына кармаган жалгыз жылдызы.
Көз жашы көл болуп кала берген кургур,
Кайдагы үрп-адат түгөнгүр, кудай ургур!

Ала жаздагы бүрдөгөн тал чыбыктай,
Жапжаш кыздын бótодой көзүнөн тынбай.
Мөлтүрөгөн жаш куюлуп, орус жигитинен корккондой,
Гаврил таң кала катты да калды таш молодой.

Чынында кыздын өзү укмуштай сулуу эле,
Ай жүздүү, кыр мурундуу, бото көз тим эле.
Жоон кош өрүм чачы чубалып жерге тийет,
Көздөрү ажайып капкара мөлтүрөйт.

Тептегерек, бакырайган, бажырайган, ай толгондой,
Бейкүнөө жан сезиминин айгагы болгондой.
Көзү жашка толуп аргасыз ирмеп-ирмеп коет,
Байкуш кубарып, гүл ыраңы жукарып мостоет.

Кыздын коркуп турганын Гаврил эчак түшүндү,
Жаны ачыды, ызаланды, улутунуп үшкүрдү.
Акырын басып кыздын жанына келди,
Анын корккону ушунчалык, бүт денеси дирт-дирт этти,
Колу менен бетин басып, үн чыгарып ыйлап жиберди.

Аң-таң болгон Гаврил аңкайып карап калды,
Ыйлап жаткан кыздын жонуна көзүн салды.

Ыйлаган сайын кургурдун калактай эки далысы,
Өйдө-ылдый тынбай дирилдеп атты.

Ал анын далысынан акырын сылай,
Эшик алдына чейин узатып, анан айтты мындай:
-Коркпо кызым, тийбеймин, сага эч тийбеймин!
Кыз түшүнбөй тилин, тиктейт аны жалдырай.

Ичи уйгу-туйгу болгон Гаврил өзүнчө,
Эшикти ачты да арт жагындагы төлөнгүткө:
-Кызды үйүнө жибергиле, тийбегиле- деди,
Эшикти кайра жапты да, эсине келгенсиди.

Сартак хан эртеси орус элчилерине мактангандай,
Өзүнүн күлүк атын, алгыр бүркүтүн, мергенчилерин көрсөттү.
Алар таң заардан карышкыр уулоого чыгышты,
Калың карга тыгылды, жыгылды аңчылардын көбү.

Кечки тамактан кийин коноктор өз үйлөрүнө тарады,
Эртеси келишим сөз баштамак үчүн эс алганы.
Сартакка ээрчип күнү бою карышкыр кууп чарчаганы,
Гаврил эми төшөгүнө жатайын деп камданганы.

Кечээги төлөнгүт баягы тааныш бото көздү,
Ээрчитип кирди дагы,- Мынаңыз!-деп көргөздү.
Гаврил кызга таңдана карап калды,
Кыз ыйлаган жок кечээ күнкүдөй дагы.

Ал бир нерсе айткысы келет, эки жакты элеңдейт,
Эшикти көздөй тынбай сестенип тиктейт.
Гаврил анын бирдеме дегиси келгенин түшүндү,
Өзүнө ымдап чакырды, жакыныраак келтирди.

Кыз кармап алабы деп корккондуп элеңдеди,
Бутунун учу менен илбий басып анын төшөгүнө келди.
-Эмне айтмакчысың?-чарчаган Гаврил кайрылды ага карап,
-Менби?-деди кыз араң акактап-мукактана.

Рашиян арагын берерин, аны ичпегин дегенин,
Ичсең өлөсүң деп түшүндүргөнгө аракет жасап.
Жигитке карап: -Апамдын айтуусу боюнча,
Сага эртең рашиян арагын берет, ызааттап!

Сен болсо, кесени колу менен түртүп, башын чайкап;
-Ичпе, ичсең-өлөсүң! Өлөсүң!- дегендей түр көрсөтөт.
Бир жагына кыйшая жатып жыгылат, калп эле өлөт.
А жигит болсо жоромолдойт, түшүнүп-түшүнбөйт.

-Рашиян шарабы дейсиңби?-деди ал,
-Ооба, ооба!-дегенди угуп ыраазы болгонсуду саал.
-Рахмат!-деди да бир аз эсине келгенсиди,
Эшикти көрсөттү, эми бара бер дегенсиди.

Ошентип орус жигити осолдук иш кылбаганы,
Жырткыч бүркүттөй балапанга кол салбаганы.
Алсыз апасына, кызына чоң таасир калтырганы,-
Алардын жакшылыкка жакшылык жасап жатканы.

* * *

Берке хандын тутунганы мусулман дин болгондуктан,
Ажайып чоң мечит курууга киришти ошондуктан.
Аны салып жаткан Румдук уста Коломон солдойгон,
Армяндарга чиркөө салган жерден колго түшкөн оңбогон.

Ашкан чебер устаны Берке хан сурап алган,
Бирок, Коломон!- «Мен христианмын, өлтүрсөң да эч качан,
Мусулмандарга мечит салбайм!-деп баш тарткан,
Буга ызаланган хан колу-бутуна кишен салдырган.

Хан аны бир күнү өзүнө чакыртып алган:
-«Эгер сен мага эң сонун мечит тургузсаң,
өзүңдү бошотуп, элиңе жиберем,- деген.
-Чынбы?!- деп уста андан сураган,
-Ооба, хандын сөзү эки болбойт!- деп ырастаган.

Боштондукту сүйгөн, эли-жерин өтө сагынган,
-Динимди сүйсөм да, эркиндикти артык көрөм андан.
Ошондуктан өтө зор кооз мечит куруп берейин,
Сөзүңө турсаң, бүткөндө жериме кетейин.

-Мечиттин түппайын туура эмес тургуздун,
Таш ордуна Ак-Дөбөнүн ганчасынан кыш ургуздуң.
Экөө талашты, тартышты, ачуу сөздөр айтылды,
Хан бир топ кызып барып, араң зорго басылды.

-Устаны ургула, жазалагыла, аябагыла!
Катуу буйрук берди хан желдет – аткаруучуларына.
Бул биринчи жолкусу эмес эле Коломонго,
Токмокту көп жеген тилдин азабынан ошончо.

-Мага жооп берчи Берке хан, угасынбы?
Ушул мечитти бүтүрсөм убадаңа турасыңбы?
Берке Коломонго карап мыскылдуу күлгөн:
Турамын!-деген, кытмырлыгын билгизбеген.
Кекерлүү күлкүсүнөн уста эч убакта эли-журтун көрбөсүн билген,
Ошентсе да ханга: -түшүндүм!-деген.

Аттиң дүйнө! Бул мечиттин бардык турпаты, салынышы,
Жаңы ой-тилегим, жаңы табылгам, тамырымдын кагышы.
Эгер, орундай албасам – арманымдын ичте кеткени,
Мечитти бүтүрүп өлөрү - ханга дайын экени.

-Мен болсо бир жан, ушул мечит аркалуу талабым,
Мусулман коомун өзүмө кобүрөөк каратамын.
А бул байкуш неге түйшөлөт, эртең бүткөн күнү өлөт,
Артымдагы укум-тукумума атымды калтырамын.

Ааламдын тең жарымына үстөмдүк жүргүзөм деген,
Берке хан жаңы ой, жаңы максат дегенди эңсеген.
Ал үчүн өмүр сүрүп жүргөндүгүн түшүнбөгөн,
Түшүнсө да анын ой-тилегин эсине түшүрбөгөн.

Хан сарайдан төмөнүрөөк шаардын чок ортосунда,
Тургузуп жатат зор мечитти Коломон уста.
Берке хан болуп турганда Алтын ордонун тагында,
Бийлегенден бери курулуш ортолоп калган чагында.

Уста эч бир ашыга турган эмес көрүнөт,
Ушул көтөрүлгөн жери өзүнчө бир керемет.
Мечит дубалын тургузуп гана тим болбостон,
Миң түркүн сыр- боектор коздойт жөн койбостон.

Ак чыны сыяктуу Армян тоолорунун таштары,
Атактуу Самарканттын көгүлтүр лазуру баштагы.
Мечит бети перс килеминдей бажырайганы,
Оюм-чийимдери кадимки үзүндүлөр дастаны.

Чынгыз хандын Чыгышта чаап жаткандагысы,
Батыйдын Батышты багындырып аткандагысы.
Көркөм сүрөттөрдөн көрсөтүлмөк эле кеңири,
Бирок, мусулман диндеги Берке уруксат бербеди.

Ал мечиттин үстүнкү бөлүгүн тез бүтүүгө ашыкты,
Устаны кандай болсо да тездетүүгө шаштырды.
Ааламдын жарымын чеңгелдеген Алтын Ордого,
Алтындан алоолоп турушуна кумарланды.

Аны тез бүтүрүүгө уста эми өзү да ашыгууда,
Жүрөктөн чыккан канаттуу ойлорун көрүүгө кызыгууда.
Коломонду башка кумарлык, башка кусалык жеңген эле,
Аны Алтын Ордонун ханы кайдан билмек эле!

Берке шаардын сыртындагы камыштуу көлгө бет алды,
Андагы асыраган кош ак куусун көрүү анын адаты.
Ал үчүн алар абдан аялуу, абдан баалуу,
Эч нерседен аябаган канкордун жүрөгү неге жаралуу?

Көл жээгине барып көргөн сайын жашаргансыйт,
Дүйнөдө эч кимди каалабаган хан буларды жактыргансыйт.

Кышында жылуу жерге, аптапта салкын көлдө кармайт,
Атмак турсун, чочутса- үркүтсө,- ал адамды сабайт.

Ооба, анда Берке болгону он бир жаш чагында,
Чоң атасы Чыңгыз хан Кытайдын бир шаарын чапканда.
Небересине ушул эки аккууну алып келген,
Анда алар жаш балапандар болчу илбиреген.

Аларды берген чоң атасы да эбак өлгөн,
Өз атасы Жоочу да дүйнөдөн көзү өткөн.
Өзү болсо минтип элүүнү таяп калган,
Ак куулар болсо дале көл үстүндө шаңкылдаган.

Берке негедир буларды ыйык сезчү,
Алардын узак өмүр сүрүшүнө таң берчү.
Ал бир күнү сурап калды кексе карыядан,
Ак куулар канча жыл жашашына кызыккан.

-Жүз жетимиш, жүз сексен жыл,- деген карыя,
-Бүркүтчү? –Абдан көп болсо жетимиш, сексен алынча.
-Эмне үчүн бүркүт алсыз ак куудан аз жашайт?
-Бүркүт алы жеткендин баарын жейт, кыянаттык жасайт.

Ак куулар гүлдүн бүрү, чөптүн тазасы менен азыктанат,
Анан да сулуулукту сүйөт, ырахаттанат.
Бүркүт сууга түшпөйт, ак куу күндө түшөт,
Түшпөгөн күнү сагынып өлүп кете жаздайт.

Карыянын сөзү Беркеге жакпаса да сурайт:
-Ак куу эмнеден өлөт, өмүрү эмнеден урайт?
-Адамдардын аеосуз аңчылыгынан, анан кайгыдан.
-Кайдагы кайгы? Түшүндүрчү ал жагынан.

-Эмне билчү эмес белең?-деп карыя муңаят:
Ал жалгыз өмүр сүрө албайт, жалгыз көлдө жүрө албайт.
Асыл куш, асыл канаттуу бул дүйнөдөгү,
Ыр да бар элде анын асылдыгы жөнүндөгү.

«...Ак куу куш узак жашайт көлдө жүрсө,
Кызыгын жубайы менен бирге көрсө.
Бечара тез картаят, арман менен,
Жанында жан шериги мурда өлсө...»

Бир кызыгы Беркени кырк жыл көрсө дагы,
Таанып-билип, колунан жем жесе дагы.
Анын жанына жакындабайт, алыстайт,
Ошентсе да көл жээгине көп барат, кабар алат.

Тирүү экенин көрүп көңүлү көтөрүлөт, рахаттанат,
Табиятка таңданат, тамшанат, суктанат.
«-Ак кууларым тирүү экен, мен тирүүмүн»,-дейт.
Чоң атасынын –«Булар сага ыйык»- дегени эстен кетпейт.

Ак кууларын аябай жанындай жакшы көрөт,
Аларга өзүнчө өзгөчө, бөтөнчө көңүл бөлөт.
Мынчалык кумарланганына эмне себеп?
Мүмкүн сулуулугу, керемет доошу өңдөнөт!

Мүмкүн, кан агызган чабышта өткөн өлүмдөр,
Күнөөсүз жандар, жалп этип өчкөн өмүрлөр.
Күнүгө көлдө эч нерседен капарсыз сүзгөн немелер,
Көз алдына кайрылбай кеткен балалык доор элестер.

Кош ак кууну көргөндө көңүлү жаркып жай алат,
Аз болсо да дүрбөлөң дүйнө дүбүртү бир аз басылат.
Сезимдер сергип, жан дүйнө эргип тазарат,
Көөдөнү көлкүп, жүрөгү толкуп жашарат.

Бүгүн да ошондой кубаныч күткөн кез эле,
Жакындап көлгө, жетейин эми дегенде,
Кокустан хан токтой калды, тигиле тиги өңүттү,
Дал алдынан жорго минген кыз өттү.

Картая баштап, кыз-келинге анча көз салбайт,
Ошентсе да мындай кызга ал таң калат.

Кыз болгондо да укмуш! Башында суусар тебетей,
Кызыл баркыт, саймалуу кемсел кийгендей.

Кош этек көйнөк, тобулгу камчы колунда,
Акырын сермейт ак бакай жорго жонунда.
Көрдүбү, жокпу? Тааныбай калды ал ханды,
Өзүнчө күлүмсүрөп өтө берди өз жолунда.

Хан анын аппак жүзүн, койкойгон мойнун үңүлүп,
Жоодураган бото көзүн араң көрдү үлгүрүп.
Ал шаша-буша сурап калды кызыга,
-Бул кимдин кызы?-деди карабай кеткенине кыжына:

-Сартак хандан келген ашпозчу аялдын жалгыз кызы,
-Аты Кундуз,-деди нөөкөрдүн узун бойлуу сарысы.
Ашпозчунун кызы?- хан ашпозчуга ыраа көрбөй тамшанды,
Ага суусар тебетей менен жоргону ким бергенин тактады.

-Ногой хандын аялы – ашпозчунун эжеси жибериптир,
Хан ордосунда иштеген сиңдим кем болбосун дептир.
-Ашпозчу аял бойго жеткен кызын чолжоктотуп,
Ушул убакка чейин эрге бербей эрке обу жоктонтуп!
Же айттырган жерин күтүп жүрөт бекен?
-Ооба, ошондой ханым.
Анда айттырганы ким экен?
-Александрдын небере иниси Гаврил деген.

Хан түксүйө түштү, жүрөгү муздагандай болду,
-Сен эмне чаташтырып жаткан жоксуңбу?
-Жок ханым! Кантип чаташтырамын онусун,
Ал кезде мен Сартактын төлөнгүтү болчумун.

Эсиңизде барбы, Сартак хан болгон жылы,
Сарайга Гаврилдин элчи болуп келгенин?
-Ооба. Айта бер андан аркысын эмне экенин,
Ошондо бул кызды хандын буйругу боюнча өз колум менен,
Алпарып Гаврилдин койнуна салып бергемин.

Анда бул Кундуз он үч жашта гана болгону,
Кыз князга абдан жаккан болсо керек болжолу.
Кетеринде Гаврил кызды өзүнө берүүнү сураныптыр,
Сартак хан ага макулдугун айтыптыр.

Ал окуя чынында башкача болгон элс да,
Кыз аларды ажалдан алып калганы үчүн да.
Жакшылыкка жакшылык жасоону Гаврил туура көргөн,
Ошон үчүн бойго жеткенде кызды,
Новгородго жиберүүнү өтүнгөн.

Бирок, Сартак хан дүйнөдөн өттү, кетти,
Кундуз менен Гаврилдин өзүнчө үйдө болгону.
Кийин келип конокко алып кетерин эл,
Аны орус элчилерине берген экен деп ойлогону.

Алардын ортосундагы окуядан беймаалым болгон,
Сартак «кыз князга жаккан экен»- деп ойлогон.
Кийин Кундузга кудаа түшөбүз деп келгендерге,
-«Кайны бар»,-деп эч кимге бердирбей койгон.

Кызды эртеби-кечпи орус князы алып кетет деп ойлошкон,
Ногойдун жорго менен кийим жөнөткөнү ошондон.
Ал сыяктуу эл бийлеп, журт башкарууну көздөгон,
Ал «балдызым» элс деп Невскийге жакындоону көздөгөн.

Ырас, Берке да орус кsurvey кол үзүүнү каалабайт,
Кыпчактын бир кызынан көрө, андан алыстабайт.
Коюн-колтук алышуу канчалык олжо экенин,
Бул да болсо кудайдын бергени деп эсептегени.

-Ошондой го бул кыздын чолжоңдошу эмелеки,
Балакет басып кызыл түлкүдөй булаңдаган немени.
Бир шумга илинип кетпесин – деди узун сарыга зекип,
Байкагыла, кызыккан карга –кузгун чокуп кетпесин.

Көзүңөрдүн карегиндей сактагыла, князга уят болбойлу,
-Эгер кечигип калсак...-деп узун сары үндөбөй ойлонду.

мнеге? Айта бер укканынды.
иги сиздин мечитти салган устаңызга,
үнүгө эрте менен бир көрүнүп кетет дешет кызды.
мне деген суроосуна «билбеймин» деп жооп узатты.

ыр дагы ошого бара жаткан сыяктуу,
рке андан артык эч нерсе сурабады.
үстүндө өзүнчө күлмүңдөп баратканды,
ктылуу адамдай көрүнгөнүн элестетип алды.

өптөн эңсеп жүргөн көл жээгине да келди,
ягы аяган, абайлаган кош ак куусун да көрдү.
лар мөлтүр тунук сууда, майда толкундарда,
наттарын каккылап, сабалап жатканына көңүл бөлдү.

рин-бири шаштырып кубалашып, чапкылашып,
л бетине көкүрөгү тийер - тийбес, дооштору шаңкылдашып.
р нерседен чочугандай, аркы өйүзгө багыт алгандай,
огалган чөп гүлүн терип, сыр айтыша шыңкылдашып.

рке үнсүз көл жээгинде, көзү кош ак ууда күлмүндөй,
ргыл жүзүндө шаттык, бакыт бийлегендей.
лмирип, терең ойго термелип, унчукпай,
ыр ал ааламды да, алтын тактысын да,
лынып жаткан мечитти да,
нүлүнө бүлүк салган Кундуз сулууну да унуткандай!

ын азыркы тунжурай турушунда,
куулар сулуулугунда.
арга болгон тартылуусу, кумарлануусу тууpасында,
ын дүйнөнүн дүңгүрөгү, түгөнбөс түйшүгү чынында,
нын кандуу кол эмес экени,
ам баалуулугунда!

о оголе узакка созулбады, уланбады,
йрадан негедир, эмнегедир тымып калды.
з алдына баягы жорго минген кыз элестеди,
лүңдөп өзүнчө кубанычта баратканын эстеди.

Кабагы бүркөлө, мечитке ылдамдай басып келди,
Дубалы бийиктеп, өйдө көтөрүлүп калган кези.
Бул жолку келишинде ал аны башка жагынан,
Күн чыгыш тарабынан көз салды капталынан.

Кишенделген, кишенделбеген эсепсиз кулдар,
Курулушту куруп, баарын жасап аткандар.
Капкара болуп күнгө күйгөн, кабактарын түйгөн,
Кайран гана кайраттуу, айбаттуу каармандар!

Берке көтөрүлгөн дубалдан көзүн далай албагандай,
Миң түркүн сыр-боекторду боолголоп тургандай.
Кандай укмуш, кандай шумдук курулуш турушунда,
Араб ариптери оймо-чийме сулуулук тартуулагандай.

Бул кооздук учу-кыйырысыз жактарга жетелегендей,
Эч нерседен кемибей, кенебей кетип бараткан censor
Өйдө көздөй көтөрүлгөн сайын көрүнүшү көркүнө чыгат,
Сыр-боегу өзүнчө ажайып ажарын ачат, нур чачат.

-Дароо эле бүтүрсө экен, уста,-деди хан ичинен угузбай,
Жанагы кош ак кууну көргөндө, көзүн дубалдан албай.
Берке хан кандайдыр дымып, катып калгандай,
Сугу артып, суктанып, тамшангандай, таң калгандай.

-Берке хан, дубалдын саймалары жагабы?-деди уста,
Коломондун коңур доошу чыкты маңдай жакта.
Сакал-муруту өскөн сапсайып, түрү жүдөө тарткандай,
Көзүндө кандайдыр бакыттын шооласы жангандай.

Уйкудан хан эми ойгонгондой, эсин жыйгандай,
-Жагат,-деди денесин ысыткан сезимин жашырбай.
-Жакса анда жакшы, чаманын барынча тырышып жатабыз,
Хан анын үнүнөн кекээрди баамдагандай.
-Качан бүтөт?- ал устаны бир аз шаштыргандай,

-Күзгө карата, Коломон кыска жообун узатты жай.
-Жакшы,-деп хан жөнөй берди бурула,
Бир-эки кадам аттап барып анан артына:
«Дагы бир жолу карайынчы дегендей жайма-жай,
Дубалга карап алып, катты да калды жылбай.
Коломон суп-сур боло түштү, эндиреди, элейди,
Берке артына жылып барып, ордуна кайра келди.

«-Мен эмне жакшы көрбөй турамбы,-деп көзүн ушалады.
Кайра карады жо-ок, ал жаңылбаптыр дагы,
Дубалдан баягы жорго минген Кундуз кызды көрдү,
Дал баягысындай өңүндө кубаныч, бакыт көрүндү.

Алдындагы жоргосу, үстүндөгү кийими бая көргөндөй,
Эч бир жери, эч нерсеси такыр өзгөрбөгөндөй.
Ал турган жеринен бир аз чегинди, алдыга басты;-
Ордунан козголсо, жорго минген кыз жоголот,
Ордуна келсе керемет боек – кыз дубалда пайда болот.

Мындай кереметти ал мурда да уккан,
Иранда ажайып бир мечит курулган.
Жети күмбөз тургузулган ортого барып үн салсаң,
Беркилери бирдей тең сенин үнүңдү улаган.
Турган жериңден алдыга , артка жылып айтсаң,
Эч бир добуш чыкпаган, эч нерсе угулбаган.

Бул дагы ошондой, бир жерден, бир чекиттен карасаң,
Көрүнө турган нак кереметтин өзү таң калган.
-Мени көрбөйт деп ойлогон го! Чынында кайдан көрмөкмүн,
Бул жерге Алла Тааланын буйругу менен келгемин!

Коломон баягысындай суп-сур бойдон турат,
Сүйлөбөйт, эмнени сүйлөйт, дудук болуп унчукпайт.
Берке ага караган да жок, дароо бурулду, кылчайбады,
Салынып бүтөйүн деп калган хан сарайына бет алды.

* * *

Кундузду май айынын аяк ченинде көргөн,
Кыпчак талаасынын чөбү тизеге келип бурала өскөн.
Жыпар жыт аңкыйт, иси мурунду жарат тим эле,
Кең аалам койнун кенен ачкан кези эле.

Ай жаңы гана жаңырып, алтын ийментей ийилип,
«Эгиздерге» конокко барчуудай аппак күмүш кийинип.
«Бийкеч» жылдызы жымың-жымың этип күлмүндөп,
Эдил боюндагы токойдо чоочуган куш үндөп.

Эки төлөнгүт Коломонду айдап келе жатышкан,
Салынып жаткан мечитте эртеден кечке эс албаган.
Чебер уста өзү тескеп, өзү жетектеп бүт баарын,
Кеч киргенде илкий тартып араң келаткан.

Чаалыккан уста чалыштап басып бараткан,
Май айынын айдарым желине көңүл салбаган.
Мечиттин оюм-чиймелери ойдогудай болбой,
Кандай кылуунун амалын таппай, жүдөп аткан.

Жалаң гана шалдыраган чынжыр доошу угулат,
Келаткан тар көчөдөн өздөрү көзгө коомай урунат.
Эки аялдын карааны эрбеңдеген, элеңдеген,
Бирөөсү кыз экени тигиндейден эле билинген.

Колу-бутундагы оор чынжырдын үрөй учурган,
Доошуна кошулду күмүш коңгуроодой шыңгыраган.
Кыздын чолпусунун жагымдуу үнү коштоду,
Алар хан сарайынан үйүнө бараткан кез болчу.

Ээрчишкен экөөсү эртеңки тамакты даярдап,
Айлуу түндө акырын жылып баратышкан абайлап.
Секелек Кундуз, ак жуумал сулууча апасы,
Бир кездеги келишимин дале жоготпогон сыягы.

Коломон үнсүз төмөн карап келатккан, капыстан,
Күмүш чолпу сыяктуу жакшы үн чыкты жанынан:
-Амансыздарбы, агалар?-деген саламы абайлаган,
Тигил экөө алардын жанына жакын келип калган.

Коломон башын көтөрө:-Өзүнөр да амансыңарбы?-деди,
Кайгылуу көздөрү кызга эми гана бурула берди.
Жанагы ай тутулуп, караңгы каптаган ааламды,
Жаңы ай чыгып жаркырата салгансыды.

Көзүндөгү кайгы-муң заматта жоголгонсуду,
Анын алсыз абалы да заматта оңолгонсуду.
Жоодураган көздөрү туткунга бир карап,
Жер чийген кош өрүм чачы самсаалап,
Үкүлүү такыясын булаңдатып,
Жаш сулуу өтө берди тушунан кылактап.

Коломондун таш бузган булчундары таш сыяктуу уюган,
Күнгө күйгөн кара-кочкул тулку бою көзгө сымбаттуу урунган.
Кыздын жарк этип жайнай өтүшү устада,
Кыялдуу бир сезим отун  жандырды алга умтулган.

Кыз апасына кынала жылаажындай шыңкылдай,
Бир нерселерди шыбырай, күмүш чолпусу шыңгырай.
Жер чийген чачтары, мөлтүрөгөн көздөрү, үлпүлдөгөн өңү,
Аны менен түбөлүккө калгандай өңдөндү!

Атактуу устага эми туткун азабына дагы,
Айлуу түндө бир жарк этип жанган сыяктуу.
Пери кызындай болгон тиги периштеге,
«Махабат»- деген улуу сезим пайда болду канаттуу.

Эми чымындай жанын коерго жер таппай,
Мечит бетине ойлогон оюм-чийимдери жакпай,
Алар ага туюлду болбогон бир сүрөт сыяктуу,
О, башка ой пайда болду, укмуш ой канаттуу!

Бирок, кыялдар узакка турбады, узарбады...
Август айынын бир күнүндө ишке келсе баягы,
Бир көрүнүп жок болгон ошол кызды көрө салды,
Бул түшү эмес, кадимки өзү, өңү! Таанып калды.

Жанында эч ким жок, жалгыз ээнсирей,
Мингени кара-көк жылкы, башында суусар тебетей.
Тобулгу сап камчысын жаагына акырын сүйөй,
Мечит бетиндеги сүрөттөрдү тиктейт телмирей.

Терең ойго түшкөндөй, эч нерсе сезбегендей,
Жанына басып келген устаны да байкай турган эместей.
Кооздукту карап турушу, сүйүнүшү,
Рахатка батышы, -кимди болсо да толкундантып салышы.

Коломон уста мечит дубалын кандай кооздоону,
Эми эсине келди окшойт таба албай жүргөн ойлору.
-Амансыңбы чырагым, -деди ал жай жакындай,
-Өзүнүз да амансызбы?- деди Кундуз да шашылбай.

Эки бети албыра:-Бул кооз кереметти ким жасап жатат?
-Мен өзүм,-деди уста уялыңкы жылмая.
-Качан бүтүрөсүз?
-Качан бүтүр дейсиз?

Кыз шыңкылдай күлдү: -Анда азыр, бүгүн!
-Мүмкүн эмес,-Коломон эми гана эсин жыя.
-Эгер бүтүрүүнү каалсаңыз сиз күнүгө келиңиз,
Ушул жерге, ушул убакта мага бир көрүнүп кетиңиз.

Кыз дагы күлдү:-Эмнеге?
-Аны сиз кийин билесиз, кийин түшүнөсүз.
Мечиттин тез бүтүшүн ойлосоңуз, мага жаныңыз ачыса,
Жалаң гана кулдардан башка адам болбогон учурда,
Ушул кийимиңиз, ушул мингениңиз менен,
Күнүгө келиңиз, убаданы бериңиз!



Кундуз жигитке ойлоно карады, аны аяды,
Колун-бутун чиркештире байлаган жоон чынжыр баягы.
-Жарайт,-деди кыз.
Ошол күндөн баштап Коломон таптакыр өзгөрдү,
Көздөрүнө кубаныч, өңүнө кан жүгүрдү.

Жүрөккө айла жок, кыз да бул устаны жактырды,
Бирок, мурда бирдегидей жигит сүйүп көрбөгөн жаны.
Азоо жылкы сыяктуу бул от сезимден корко баштады,
Кайсы жерге, кайсы жарга алып барып таштайт аны?

Ага баары белгисиз, баары бейтааныш,
Уста болсо башка элден, колго түшкөн кул бир алсыз.
Буга ким кызын берет, ким кепил болот, ким угат?
Эли кошпосо, энеси келишпесе, ата жолун кантип бузат?

Бул жолду бузган болсо-ал экөөнө тең кооптуу,
Эң оболу Кундуз болот буга эң жооптуу.
Ошондуктан ал муну ойлонуудан качты,
Жүрөк – ажалдан, ата-баба жолунан да катуу.

Кыз акылга салып, андан алыстоону чечкени менен,
Анын чеберлик өнөрү өзүнө тартып алды терең.
Керемет оюм-чийимдерди көргөн сайын эчен,
Кооздукту эңсеген сүйүү деген – акылды адаштырып жеңген!

Түрдүү боекторду көргөндө көңүлү кубанычка толот,
Келбей койгонго деги кандай күч ага арачы болот?
Мечитке келе берди, андагы көркөмдүктү көрө берди...
Коoздук, сулуулук баарын, баарын жеңди!

Керемет коoздук ажайып дүйнөсүз, көркөм сүрөтсүз,
Аны жасап аткан ойлуу көз, жүдөө тарткан жигитсиз.
Ал дегеле келечекте өмүр сүрө албастай, алдастай,
Белгисиз кубанычтан коркуу, күйүп-жанган от такыр бастырбай.

Бир күнү Кундуз дагы мечиттин жанына келди,
Күн чыгып калган, айлана теребел тегиз термелди.
Дубалды көтөрүп уруп жаткан кулдар, анан сакчылар,
Алардан башка жан жок болчу байкап калаар.

Ал атынан түшүп, ээр кашка каңтара байлады,
Уста экөө күн чыгыш тарабына, каптал жакка айланды.
Өзү өйдө көтөрүлө:-Бул жерден карачы,-деди,
Кыз жогору көтөрүлүп, уста турган жерге келди.

Бурулуп, мечиттин дубалын карап таңдана,
-Бул эмне деген керемет!-деп айта салды.
«Чыгып келаткан күн нурлары сүрөт боекторун,
Дап-даана ачып, бажырайтып өзүн көрсөтө алды.

Дубалдагы Кундуз өзүнөн да сулуу, өзүнөн да кубанычтуу,
Алдындагы жоргосу кадимкидей келе жаткандай.
Сүрөткө таң калган ал башы айлангандай,
Көзү караңгылап, эс-учунан тангандай!

-Өзүңдү карма! Эч ким, эч нерсе билбесин!-деди уста,
Эки жакка карап, этияттап, жайбаракат кыска!
-Бул менин өмүрүмдөгү арманым болчу ачылбаган,
Табышмагым, - күндө сени бул жерге чакырган.

Бул сүрөт дубалдан күн ушундай чыккан кезде,
Ушул жерде, ушул чекитте, бир гана мезгилде.

Дубалга күн бир аз тийип, анан ооп кетет,
Өзүң турган жерден аз убакытка гана көрүнөт.

Башка жерден күндүн нуру кеткенде таппайсың,
Башка убакта аны такыр көрө албайсың.
Сүрөттү тиги кооз боектор көргөзбөй жаап калат,
Күндүн нурлары гана сүрөттү бажырайтып ачат.

Кундуз кургур эми гана эсин жыйып өзүнө келди,
-Капырай, буга сиздин акылыңыз кантип жетти?
-Адам акылы мындан кыйын кереметтерге жеткен,
Искендер Зулкарнайын учурундагы Герондун кереметин чечкем.

Өздөрүн көздөй келаткан бакоолчуну көрө шашып калды,
-Бул сүрөттөрдүн кандай жасалганын кийин айтам,-дей салды.
-Кундуз, сен бүгүн чолпон жылдыз чыкканда көл жээгине кел,
Күзөтчүм дурус адам, кантсе да барам. Убадаңы бер!

-Жарайт,-деди кыз кубанычтан көзү жадырай,
Анын «келбейм» дешке эч чамасы калбагандай.
Мурда махабат үчүн күйүп-жанып араң жүрсө,
Эми бул кереметти көрүп аңтаң мас болду,
-Ушундай шумдукту жасаган адамдын кучагында,
-Өлсөм да арманым жок!-деп ойлоду.

Чолпон жылдыз чыккан кезде ал экөө кездешти,
Ай нурунда сүйгөн жүрөктөр дүкүлдөп дегдешти.
Алгачкы жолу ыкташып, кучакташып, тартылып,
Махабат оту улам күчөп, эч нерсени сезбешти.

Мечит курулуп бүткөндө кыпчак талаасына качууну,
Кыз керектүү буюмдарын, минүүгө аттарын камдануну.
Эл көзүнө көрүнбөс үчүн этияттык, сактык экендигин,
Сагынычты басуу үчүн мечитке жалгыз келиши керектигин.

Ошол убадасын аткаруу үчүн өткөндө келатканда,
Кашайып Кундуз ханга капыстан туш болгон чакта;

Хан тагында көпкө отурду ойлонуп,
-Эмне кылуу керек? Шумрай Румдук ушундай беле деп толгонуп.

Муну мусулмандардын алдында маскара кылмак,
Бирок, салынып жаткан мечити эмне деген керемет!
Сүрөттөрүн айтсаң! Адам баласы тиктеп тура бермек,
Көркөмүнө, өнөрүнө айтууга сөз жетпейт!

Мүмкүн ал сүрөттөрдү башкалар байкабас, билбес,
Мен барган жерге элдин баары бара бербес!
Эмне кылсам? Же дубал бетин кырдырып таштасамбы?
Же андан ашкан көркөм сүрөт тарттырсамбы?

Берке дагы эле өңү бузулуп, деми кысылып турат,
Бирок, сүрөттү кантип кыят? Кантип кырдырат.
Румдук уста кыздын сүрөтүн неге тартты?
Андай шумдукту кантип, неге жаратты?

Бая узун сары төлөнгүт бир шумдук башын кылтыйткан,
Бул бир керемет дүйнө - адамдын баары кызыккан.
Көз кыйбас, кол барбас аны жок кылууга,
Кырмызы көйнөк сулуу көк жоргосун зымыраткан.

Беркенин жүрөгү уудай ачышты чыдатпай,
Жорго үстүндөгү кызга дагы да кызыккандай.
Мечит курулушуна барбай эле таптырмак,
Болгону Новгород князына айттырганын жактырбайт.

Кызды көз алдына келтирсе жүрөгү ансайын ачышты,
Даана угуп турду кокүрөктөгү түрсүлдөп кагышты.
-Өзүнүн башына алы жетпей бечара кулдун,
Периштедей кызга эмнеси бар, кургурдун?

Кабыл алуу бөлмөсүндө нөөкөрлөргө үрөй учура,
Колундагы күмүш коңгуроону какты чыныртa.
Кирип келген төлөнгүттөрдүн жүз башчысы Салимгерейге:
-Мага тиги Коломон устаны алып келгиле!

Жыланач кылычтарын жаландатып, оор чынжырын шалдыратып,
Коломонду үч желдет алып келди аптыгып, шаштырып.
Берке уста менен жалгыз калды!
-Кана сүйлө!-деди хан,
-Эмне жөнүндө сүйлөйүн, Берке хан?

-Мечитти качан бүтүрөсүң?
-Күзгө тарта дебедим беле, Беркс хан.
-Жа-ак-шы,-деди үнүн созо, кыздын сүрөтүн неге салдың?
-Мен ага ашыкмын. Абдан ашыкмын, ошондуктан.

-Кызчы?
-Ал дагы мага ашык, Берке хан.
Берке жарылып кетс жаздады.
-Сен болсо каапырсың, кыз болсо мусулман экенин билесиңби?
-Билем. Бирок, ашык болсоң дин тоскоол боло албайт.
Эң улуу –Махабат!

-Жаак-шы,-деди хан, кан-сөлү кетип кубарат,
Дагы бир сөз айтса элс коенчугу кармаганы турат.
Бул ирет да өзүн-өзү бекем кармады,
-Биздин динде мечитке эч качан сүрөт тартпайт!

-Айттым го ашыкмын деп,
Кызга өз сырымды жеткирер башка жол таппадым.
Ал менин айткан сөзүмө түшүнбөдү, түшүнгүсү да келбеди,
Коркту... Ошондон улам тарткамын.
-Анан?
-Анан... Мечиттин дубалына түшүрүлгөн.

Өзүнүн сүрөтүн көргөндөн кийин өзгөргөн.
Мындай сүрөт үчүн менин башымды,
Кесип таштарын да ал жакшы билген.
Аныcына карабай мен анын турпатын түшүрдүм,
Мусулмандын сыйына турган дубалына бүтүрдүм.
Ага деген махабатымды өз жанымдан жогору койдум,
Аны Кундуз түшүндү, айтканыма көндү, коркогум.

Берке өзүн-өзү кармай албай, эки ууртунан көбүк чачырап,
Кыйшык көздөрү жумулуп кетти, анан акшындап:
-Көндүбү?
-Ооба, өмүр бою мендик болууга көндү.

Коломон дароо тизе бүгө чөгөлөй:
-Өмүр бою мен өзүмдү кордогон жок элем.
Махабатым үчүн Алтын Ордо хан алдында тизе бүгөм,
Сизден жалгыз гана өтүнүчүм бар: Мага боштондук бербеңиз,
Өмүр бою чынжырлап кул кылып кармаңыз,
Болгону Кундузга баш кошууга уруксат бериңиз?

Берке колун белиндеги кылычка алып бара берди,..
Бирок, акырындык менен тоскоолдук жеңди.
-Ага кыз көнөбү? Чынын айткын,
-Көнөт! Көнөт! Ал дагы сизден ушуну тилейт, улуу Ханым!

Анда мечитти салып бүтүрөсүң го,
-Бүтүрөм, Берке хан, Бүтүрөмүн оо!
Хандын жүзүндө кандайдыр шаттык пайда болду,
Ал дароо күмүш коңгуроосун какты колдогу.

Үйгө Салимгерей кирди зоңкойгон,
Эмне болуп кетти экен деп кооптонгон.
-Коломон менен убадалаштык, хан күлүмсүрөй,
Жука эриндери жаагына тарта, көздөрү күлбөгөндөй.

-Мен буга ашпозчунун кызын алып бермек болдум,
Ошон үчүн ал күзгө дейре мечитти бүтмөй болду.
-Ушундайбы чебер устам?
-Ошондой, убадага турам.

-Эми менин өкүмүмдү ук, - деди сурдана,
Мечит дубалына сүрөт тартканын үчүн –жүз балак урулсун.
Мусулман кызына үйлөнгүсү келгени үчүн –ат болуп бычылсын!
Бул иш кыз жана кулдардын алдында аткарылсын,
Андан кийин менин убадам боюнча баш кошушсун!

Коломон бакырып жиберди:
-Андан көрө мени кылычың менен чаап ташта!
Бөгөлөп-чөгөлөп, жалынып, жалбарып.
-Жок, болбойт! –Сен тиги мечитти бүтүрүү үчүн,
Керексиң!-деди хан кызара тартып албырып.

Шаардын чоң аянты, Майданкананын төрт жагына бирдей,
Чынжырлуу да, чынжырсыз да кулдардан он миңдей.
Алардын алды-артында кылычтарын жалаңдаткан эки жүздөй,
Төлөнгүттөр, мингендери азоо күлүктөр тебелеп кетчүдөй.

Ортодогу дарга жанындагы секиде кишенделген,
Коломонду төрт төлөнгүт курчап турат килтиңдеген.
Жылаңач кылычтары от шооласына жарк-журк этет,
От улуу күйсүн үчүн улам жыгачтан таштап кетет.

Оттун жалыны киши бою көтөрүлдү алоолоп,
Күч алса басаңдатуу кыйын аны жылоолоп.
Түн көзгө сайса көрүнгүс, капкара боек чүмкөнгөн,
Ийин тирешкен кулдардын түрү суук түнөргөн.

Секинин бир бурчунда хан жарчысы жаагын жеген,
Экинчи бурчунда эки желдет эки жактан зекиген.
Түсү аппак кардай, көзү жумулган, чачы жазылган,
Кара чапандай далысына сүйрөлүп жабылган.

-Уккула, уккула! Эңгезердей күрпүлдөгөн жарчынын,
Алтын Ордонун улуу мартабалуу Берке хандын,
Жарыя кылды жалпы журтка жарлыгын:
-Мусулман мечитине сүрөт тартканы үчүн,
Жүз балак алынсын!

Төрт желдет заматта Коломонду секи үстүнө жыгышты,
Экөө эки жагынан көк чыбык менен сабап киришти.
Түлкү тумакчан санай баштады: Бир, эки, үч, төрт...
Түнөргөн булуттай кулдардын кабагы түйүлөт.

Ызылдаган көк чыбыктын доошу угулат,
Уккандын деми кысылат, кыйналат, буулугат.
Бир аздан кийин көтөрүлгөн көк чыбыктан кан көрүндү,
Тамчылаган канга кошулуп оттун нуру төгүлдү.

Балактын саны элүүдөн ашкан кезде эмеле;
-Аясаңарчы, бул атактуу уста Коломон эмеспи акелер!
Чыңырган аялдын үнү чыкты жан сестенер,
Бул акылынан адашууга аз калган Кундуз эле.

Түнөргөн топ солк эте калды, бирок козголбоду,
Мурдагысынан да түнөрө түштү, кооптонду.
Тиштенген Коломон үн чыгарбады, чыдады,
Тарсылдаган көк чыбык уланды, дагы уланды.

Көк чыбыктан чыккан үн үрөй учурган,
Кадимки уу жыландай ышкырган, чага турган.
Жүз балак да бүттү чапкылаган, чачыраган,
Арка эттери салаа-салаа тытылган, кызыл кан.

Коломонду желдеттер тик көтөрүп тургузду;
-Уккула, уккула!-Беркенин экинчи жарлыгын угузду:
-Каапыр кул мусулман дининдеги кыпчак кызын Кундузду,
Катын кылып алам дегени үчүн –Инек болуп бычылсын!

Түлкү тумакчан буйруду:-Киришкиле!
Колунда шамшар бычагы бар ак селдечен молдо чыкты секирге,
-Кулдун шымын чечкиле, чалкасынан баш-аягын баскыла!
Кундуз көзүн чылк жуумп, төмөн карады шылкыя.

Түлкү тумакчан кыйкырып жиберди чаңырып:
-Башын көтөргүлө шуркуянын, жигиттерге бакырып.
-Көрсүн, тиер эринин кандай инек болгонун!
Көзүнө кан менен жин толгонун!

Кулдардын четинде кара кийимчен бирөөнүн үнү:
-Ээй калайык! Бул не деген кордук!-деп бакырды.

-Ортосуна түшүп досубузду маскаралыктан сактайлы!
Мындай айбанчылыкка барбайлы! Акыйкатты кармайлы!

Ал Салимгерей эле. Ошол замат кулдар козголуп калган,
-Тийбегиле Коломонго! Минтип өмүр сүргөнчө өлөлү!
-Башка салганды көрөлү.
-Бошоткула Коломонду! Кулдар алдыга жылды, жөөлөдү.

Артыңарга кайткыла! Чаап таштаймын!
Ачууланган топ атчандарды сүрүп, алга умтулду.
-Кокуй өлтүрдү! Чаап таштады,
-Бекерге өлөт экенбиз... Кыйраталы! Кулдар жулкунду.

Алар аттуу желдеттерди жекирип, алдыга жүткүндү,
Көтөрүлүш үч күнгө созулду, кыйын кырдаал түзүлдү.
Берке ошол түнү Ногойдун аскеринен жардам чакырды,
Алар көтөрүлүшчүлөрдү тып-тыйпыл кырып салды.

Жарымы кан майданда өлдү, калганы жараатынан,
Колго түшкөндөрүн шаар сыртына алып барып чогуусунан,
Чак түштө ат менен тебелетип, кылычтап жок кылды,
Өлүктөр доо-доо, боо-боо болуп үйүлдү, жыйылды.

Көтөрүлүшчүлөр да эчнисин бекер кетиришпеди,
Өздөрүн курчаган төлөнгүттөрдү ошол замат өлтүрүштү.
Кошумча кошуун келгенче өздөрүн кишенден бошотушкан,
Кошуун менен эрөөлгө чыгып, көбүн жер сойлотушкан.

Өздөрү салып жаткан мечитти толук кыйратышкан,
Таш-кышын алып душмандарды урушкан.
Каруу жараксыз беш жүздөй ат минген жигиттер,
Башчысы жок жеңилүүгө дуушар болушкан.

Жеңилсе да Алтын Ордону эсине келтирип титиреткен,
Берке ханды тообасына келиштире келтирткен.
Ушул үрөй учурган кандуу түндөн кийин,
Элдин ким экендигин эми эң сонун түшүнгөн.

Кулдар менен кара тамандар баштары бириксе,
Калың журт наараzылыгын катуу билдирсе;-
Алтын Ордонун каардуу желдеттеринин күнү,
Быты-чыты чыгып кетерин жакшы түшүндү.

Көтөрүлүш бүтүп,-Өх! –деп тагына отурду,
Тирүү болсо өзүн, өлүү болсо башы-көзүн Коломонду,
Алып келүүнү абдан катуу буюрду, издетти,
Желдеттерин жер шимшитип тинттирди.

Көмүүгө даярдаган тоо-тоо өлүктөрдү оодарышты,
Уруш болгон жерден Коломонду таба алышпады.
Кундуз да жок, жиберген жигиттери бош келди,
-Апасы да, кызы да дайыны жок,-дешти.

Ал кезде Салимгерейдин күчү менен күтпөстөн,
Кутулган Коломон, Кундуз энесин ээрчиткен,
Жыйырмадай жаралуу шериктери менен атчан,
Токой-тоону аралай Таң дарыясын көздөй качкан!..

*Исматулла Парпиев.*

## БАРАК

***(Батый хандын кенже уулу)***

Аалам, асман – кенендик, терендик,
Бармак басым булуту жок, көк мейкиндик.
Жалгыз бүркүт канатын кенен жайган,
Айланага байкоо салат көз кырынан.

-Нени көрдү? Неге жүрөт? Не тегеренет?
Ал деген жөн жерден анте бербейт!
Батый хан ойго батты, тунжурады,
Караса да көзүнө эч нерсе урунбады.

Болгону дөбөнүн капталында ойноп жүрөт,
Беш жашар кенже уулу өзүнчө күбүрөнөт.
Башында кызыл баркыт, кундуз тебетей,
Кызыл чапан, чыбык атчан, эч нерсени элебей.

Аалам азыр саамга токтогондой,
Тунжурайт, унчукпайт, кыймылсыз болгондой.
Тиги бүркүт так дөбөдө жөн гана каалгыйт,
Болду – болбоду бир нерсени андыйт.

Хан Батый негедир бир үшкүрүндү,
Ой толгоду, жоромолдоду, түйшөлдү.
Эдил жээгиндеги Ак сарай ордосуна,
Көз чаптырды, байкаштырды, күйшөлдү.

Кооз дагы, бир кезде өзү чаап алган,
Херман Кибеге – бизче Киевге окшоп заңгыраган.

Эмен, карагайдан, төбөсү алтындан жалатылган,
Ашпак мрамор таштан тургузулган.

Бул шаар качан болсо да анын кубанычы, мактанычы,
Боз үйдө жашаган көчмөн калктын өз баласы.
Ал канчалык кооз, канчалык мыкты болсо да,
Адатынча жашады өз чатырында кок жайыкта.

Ак чатырды айланта боз үйлөр түрө тигилген,
Алыс –жуукка, Ак Ордо – Алтын Ордо деп билинген.
Алыстан караса төбөлөрү жалтылдап күйөт,
Аны көргон сайын Батый жашара түшөт, сүйүнөт.

Ушул 1255-жыл жылаан жылы элүү эки чагында,
Балакет ооруга кабылганда, жаны кыйналганда:
- Эмне деген кесел? Алдырган дарыгер, табыптары,
Эч нерсе кыла албады, дабасын таба албады.

Кечээ гана буканы чапкан күч – кубаты,
Майы түгонүп өчүп бараткан шам чырагы, коз нурлары.
Арстандай айбаттуу, аюудай кайраттуу баягы Батый кана?
Кымызы түгөнүп, шалбыраган сабадай болуп отурат мына!

Атасы Жоочу көзү өткон 1227-жылында,
Аймактын баарына ээлик кылган жыйырма жашында.
Жылдар жылышты, кум сыяктуу колдон куюлган,
Чаап алган эл – жерлер ага майрамдай туюлган.

Азыркы тапкан алтындары дат баскан темирдей,
Көзүнө эч нерсе көрүнбөйт, көңүл бүт кирдегендей.
Ажалдын жакындашы, жыландын чагарына аз калгандай,
Үрөйү учкан куту качкан жаны араң дем алгандай.

Бүркүт дагы деле асманда каалгып жүрот,
Баласы Барак чегиртке кууп ойноп, күлөт.
Батый ага карап өзүнчо ойго келди, –
Баласы анын акыркы табылгасы, кубанычы эми.

Анын бир нече аялы, төрт уулу болгон элс,
Улуусу Сартак, анан Токтохан, Аюухан, Улакчы.
Алардын баары тен эр жеткен азаматтары,
Кенжеси да кыздарга көз таштаган убагы.

Бир гана Сартактын апасы Ойроттун бекзаадасынан,
Калгандары кыпчактын коңурат, маңгытынан.
Канчалаган элди басып, багынтып кумарланса,
Батый ошол элден жаш аял алууга кумарланган.

Мындай үйлөнүүсүн төшөк жаңыртуу деген,
Өзүнө жакса болду, кыздын көңүлүнө карабаган.
Анын каарынан бүткүл аалам коркконунан,
Эч бир кыз «тийбейм» деп айта албаган.

Ошентип, кырк жетисинде бир окуя орун алды,
Айтканын аткарбаган Хорваттын бир шаарын чапты.
Кайра келатып калың бакты аралап өтөт,
Кокусунан козу карын терип жүргөн кызды көрөт.

Суу перисиндей! Узун чачы кызгылт сары алтындай,
Корккон көздөрү бакырайып көпкөк асмандай.
Дене-башы өзгөчө, болөкчө жаралгандай,
Ипичкс бели үзүлө тургандай, ак мармардан куйгандай.

Мындан мурун ал далай сулууну көргөн,
Бирок, мындай сулууну мурда – кийин көрбөгөн.
Өмүрүндө сүйүүнү, коркууну билбеген,
Батыйдын таш жүрөгү кокустан селт эткен.

Бал аарысын кармаган токойдогу жалгыз үйлүү,
Кемпир-чалдын көз карегиндей тең айланган,
Жалгыз кызын Ак Ордого алып келе берген,
Ата-энесин тирүү калтырганы – кыздын калыңы деген.

Адам баласын кадырлоону билбсген,
Алтын Ордонун ханы бул кызды жанындай көргөн.

Адам баласын ардактай алган Хорваттын кызы,
Бул зулумду каалабады, сүйбөгөн.

Эркинен ажыратканы үчүн өтө жек көргөн,
Зордук менен көндүргөнү үчүн ичинен кектеген.
Далай ирет уу ичмекчи, качмакчы болду,
Күнү-түнү күзөт күчтүү коюлду, жолу тосулду.

Акыры тогуз ай, тогуз күн толготуп,
Ушул Барак баласын төрөдү, башкача болуп.
«Чыр» этип жерге түшкөндө өмүр сүргүсү келди,
Өлүмдөн оолак болууну, жакшы ой тиледи.

Жалгыз баласы үчүн жашоону ойлоду,
Аттиңай – ээ, анысы ойдогудай болбоду.
-Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы?-дегени,
Баланын тону түшпөй оо дүйнө жөнөй берди.

Аны төрөбөй жүргөн аялдары өлтүргөнүн,
Батый хан кийин билди алардын кастык жөнүн.
Жардамга чакырылган эмчи аял алданган,
Алтын, жибекке кызыккан, азгырылган.

Тонду түшүрүү үчүн киндиктен төмөн сүрбөстөн,
Көөдөндөн ылдый басып, дем алууну жүдөткөн.
Оордук келтирип өлүмүн тездеткен, күчөткөн,
Өлгөнүнө Хан Батый өтө кайгырган, өкүнгөн!

Жазмыш деген опосуз дүйнө ала булут сыяктуу,
Качан күн тийип, качан ачылаарын билбейсиң.
Барак али жаш, жакшы көргөн аялынан калганы,
Кимдин кесепети тийерин эч бир сезбейсиң.

Ким кепил, аялына кылган кыянатчылык,
Баласына болбосуна, ошон үчүн көз салчу.
Тили чыккандан кээде алдына алып олтурчу,
Башка балдарына мындай көңүл бурбоочу.

Энесиз жетимине чын ыкластан ыктады,
Аны аяды, акырындап жакшы көрө баштады.
Ал чоңойгон сайын апасына окшоп көздөрү бажыраят,
Ак жүздүү, сары чачтуу, таттуу тили балдырайт.

Өмүрүндө бала бетинен өөп көрбөгөн,
Эми минтип кенжесин маңдайынан сүйгөн.
Ошол замат баланын жыты энесин эске түшүрөт,
Көңүлү чөккөндө Баракты көргөндө көөнү көтөрүлөт.

Ушундан улам уулун жакшы көрө баштады,
Чыңгыз хандын айтканына кайчы пикир камдады:
«-Менин урпактарым жеңип алган элден, моңгол эмес энеден,
Туулган балдарга алтын так калтыруу болбойт!-деген.

Анын ою чоң атасынын осуятына каршы турду,
Картайгандыкпы, ким билсин, деги ушундай туйду.
Бул максатына жетүүсү күмөн эле,
Оорусу күчөп, санаасы, арманы түмөн эле.

Ал арман ээси – тиги чегиртке кууган баласы,
Сары чачтуу, ак жүздүү беш жашар Барагы...
Тилеген ою орундалбасына көзү жеткен чагы,
Беймаза ойдо капаланып олтурат атасы...

Батыйга заматта күлүк ой келди, чочуп да кетти,
Кызыл чапанчан баласына шарт эте карады.
Анан дароо асмандагы бүркүткө көз салды,
Дөбө үстүндөгү таштан шашып түштү, жете албады.

Бүркүт канатын жая төмөн көздөй куюлду,
Бул жогортон ыргыткан таштай зуулдаган куюнбу?
-Бас бери, бери бас!- дегенче шаша жүгүрдү,
Баласын карай төрт-беш кадам ылдамдай, үлгүрбөдү.

Кашайгыр десе, алдынан баласын илип кетти,
Бейкапар канатын жайып асманга көтөрүлдү.



Эмне кыларын билбей дал болду да калды,
Эс-акылын жогото нес болду да катты.

Алыстап баратат кара бүркүт, кызыл чапанчан,
Баласынан көзүн албайт, тиштенип калган.
Бар болгону Барактын чыркыраган үнү угулат,
Кайран жүрөк каргашаны неге алдынан туйбайт?!

Адамдын тиричилигин чымындай да көрбөгөн,
Жарык дүйнөгө келгени ыйлоону, аеону билбеген.
Кандуу кармашта коркпогон, жүрөгү катып калган,
Өлүмдүн жан кейиткенин эми гана туйган.

Жалгыз гана өлүмдү эмес, жазмыштын таш боор экенин,
Жүздөгөн адамдардын өмүрүн «кырып сал» дегенин.
Саадагы менен бир тартып жок кыла турган бүркүт,
Эми түшүндү алсыз экенин, күчү жетпегенин.

Перзентти жакшы көрүүнү эми биле баштаганда,
Кара бүркүт ажал болуп келди да кенжесин илип кетти.
Миллион адамдардын тагдырын заматта чечсе дагы,
Бир балага арачы түшүүгө жарабады!

Ызаага буулуккан Батый жарылып кете жаздады,
Жазмыштын күчтүү экенин эми гана аңдады.
Айла жок, алы жетпесин, дарманы келбесин,
Сары убайымга түштү да жаны жанчыла баштады.

Балтыр эти ката элек жаш баланын денесин,
Килейген бүркүт курч болот тырмактары тыткылап.
Канын шорголотуп ууздай этин балапандарына бергенин,
Таш жүрөгү тыбырчыйт сыздайт, кабыргасы кайышат.

Оюна бир нерсе келе түштү, ойлоно калды,
Төрөлгөндө Орус же Кыпчак коймок болгон экен.
Бирок, кайра ойлонуп Барак атка токтолушкан,
Алгачкы аттарды койбогонго өкүндү, не себептен?

Орус же Кыпчак атаганда узак жашайт беле?
Көз алдына жыйырма жыл мурдагы окуя элестеди.
Батый өзү баштаган моңголдун кашиктане кошууну,
Тоо элинин кичине чебин алалбай узак кармашты.

Күйөөлөрү өлүп, жаш балдары менен баш ийбеди,
Узакка созулган курчоодо азыгы түгөнүп кырыла баштады.
Ошондо да кайраттуу аялдар капканын оозун ачпаган,
Күз болуп калган, айласы кеткен хан куулукка салган:

-Баш ийсеңер, балдарыңарга тийбебиз,- деген,
Балдары үчүн шордуу энелер капканын оозун ачкан.
Ичкери кирген моңголдор айраң-таң калган,
Бар болгону жүздөй гана аял кармашкан.

Баары тең арып – ачып жүдөгөн, ачыккан,
Араң басат, алсырашат, өлөсө чаалыккан.
Алардын бир кеги – Мекенин чексиз сүйүүсү,
Жүрөгүнө от болуп күйүүсү, өлгөнгө чейин күрөшүүсү.

Душмандар балдарын өлтүргөнүн коргусу келбеген,
Белди бекем бууп, курман болууга даяр экен.
Ушул учурда Батыйдын «балдарга тийбейбиз» деген сөзү жетет,
Анын алдаганына кургур аялдар ишенет.

Бирок, Батый баягы убадасына турбайт,
Шаарды көпкө алалбай жоокерлеринен бир аз ажырайт.
Мына ошого ызаланган канкор аялдарды тизип алат,
Көзүнчө балдардын баштарын кыя чабат.

Энелердин боздогонуна былк этип койбогон,
Эзели кан ичип өлүм-житимге тойбогон,
Энелер үнүн укпаш үчүн өздөрүн чаптырган,
Эл ичинде «Чыңгыз өлбөптүр» деген сөз калтырган.

Ааламды коркуткан Батый эми өзү коркуп отурат,
Кара бүркүткө эч нерсе кыла албай айласы куруп отурат.
Өмүр өзү талаш! Күчтүүсү алсызын жеңет, жейт!
Адамзат, табият талашы бүтпөстөн уланып келет!!!

*Исматулла Парпиев.*
*08.09.2015-жыл.*

## АТАМАН АЛЕНА, ЖЕ ОРУС ЖАННА ДАРК.

*(Борис Рябухин боюнча)*

Миң алты жүз жетимишинчи жылында,
Айдын он экинчи октябрында,
Разряднойдун буйрук кагазында,
Ачык-айрым айтылат анда:

«- Ууру, Кудайсыз бир Стенька Разин деген,
Жалган жашыкты айтып жанын жеген,
Караламан, сабатсыз адамдарга,
Төмөнкүдөй суук кабарды жеткизген:
Волга дарыясын бойлой, өйдө көздөй,
Улуу князь Алексей Алексеевич экөө келатабыз деген».

Ушундай уятсыз, алдамчы каттарына,
Түшүнбөгөн түркөйлөр олку-солку болушту.
Алатыр, Арзамас оезд шаарларында,
Уурулук, талап-тоноочулукка жол коюшту.
Атаман Алена баштаган дыйкандар кошундары,
Башка жерлерде дагы катуу козголушту.

Көтөрүлүш бүтүндөй орус тилкесине жайылды,
Адамдар айры, шиштерин көтөрүп агылды.
Симбир, Пенза, Тамбов губернияларында,
Ока, Волга дарыялардын ортосунда,
Түштүктө Саратов талааларында,
Батышта Рязань, Воронеж өрт кучагында.

Помещиктерде, чиркөөлөрдө иштегендер,
Оор жумуш аткарган олбурлуу мужиктер,

Өз кожоюндарын аянбастан өлтүрүп атышты,
Дон казактар башкарууну колго алышты.

Разин туш болгон Симбирск түндүгүндө,
Тоо тараптагы башка улуттар бардыгы сүрүлө.
Мордвалар, чуваштар, черемистер өз үлүшү үчүн,
Орус дыйкандарга кошулуп салгылашты түрүлө.

Дон козголонунун көтөрүлүш отунан,
Бүт орусияга дыйкандар согушу күч алды.
Арзамас оезундагы жети миң отряды,
Дыйкан аял Алена – старица башкарды.

Анда ал кырктын кырындагы кези эле,
Акылдуу, күчтүү, эрктүү неме элс.
Туйлаган атты моюндан толгоп токтоткон,
Өрттөнгөн үйдүн төрүнө өткөн коркпостон.

Оолуккан отрядды ооздуктоо да,
Дал ушундай сапаттагы адамдын колунда.
Өз каршыларын такыр аяган эмес ал,
Аскер башчы Бутурлин тирүүлөй өрттөнүп кетпес эле да?

Көтөрүлүшчүлөр Ломов шаарын басып алганда,
Аскер башчы Пекин ич кийимчен качканда,
Чемешев деген айласын таппай калганда,
Туугандарын, жакындарын карабай таштаганда;

Бул тарапка падыша башкы соккуну жөнөткөн,
Кол башчыга Польша согушунда өзүн көрсөткөн.
Каардуу, заардуу, тайманбастык жагынан,
Кньяз Юрий Алексеевич Долгорукий дайындалган.

Анын чордону так ушул Арзамаста болгон,
Көторүлүштү басууга бардык күч топтолгон.
Ал шаарды – уйкучу шаар дешчү башында,
Анткени, ал тынч мемиреп турчу маалында.

Юрий Долгорукий элдин үрөйүн учурду,
Шаардыктардын жүрөгүн түшүрдү, коркутту.
Көчө бойлоруна дарларды катар тургузду,
Адамдарды асып, баштарын жулгузду.

Шишке сайылган эки-үч күн чала жан,
Онтогон, боздогон кургурлар өтө кыйналган.
Азап-тозокту дал ушул жерден тартышкан,
Ошентип, козголоңчулардын эсин оодарышкан.

Башкы кол башчы 1670-жыл 29-ноябрда,
Арзамастан Темниковго карай жол алды.
Кырып жок кылууга Лихарев, Шербатов катышты,
Шаарды курчоого бардык күч тартылды.

Аерде дээрлик төрт миң козголоңчу топтолгон,
Жетекчиси атаман аял Алена болгон.
Аларга сегиз миң кол жардамга келаткан,
Кандуу кармаш бир нече күнгө созулган.

Ошол убакта Темниковго Разиндик чабарман,
Жете келип төмөндөгүнү кабарлаган:
-Кньяз Борятинский Разинди Симбир алдында талкалады,
Дон атаманы силерди жардамга чакырды.

Падыша аскеринин чабуулу катуу курчуду,
Курчоодогулардын айласы кетип куруду.
Ошондон улам отуз биринчи ноябрда,
Темниковду өткөрүүгө мажбур болду.

Алена- старица аябай салгылашты,
Анын штабын курчоого алды, талкалашты.
Өзүн дагы, адамдарын кошо кармашты,
Күч тең эмес эле, аргасыз жабыркашты.

Атаманды, поп Савваны зынданга таштаашты,
Дондук кабарчы Федька Сидоровду камашты.

Кастары күчтүү эле курал-жарактан,
Көтөрүлүшчүлөр жеңилди, башка айла калбады.

Бийлик алдында күнөөлөрү үчүн өкүнүүсүн,
Жүгүнүүсүн уюштурууга шүмшүктөр жүгүрүштү.
Короолорду койбостон, үйлөрдү шимшишти,
Долгорукий алдында чокунууга көндүрүштү.

Алардын ойлогондору оңунан чыкты,
Темниковчулар шаар капкаларын ачышты.
Жеңүүчүлөр алдында аргасыз турушту, түнөрүштү,
Онтогон, боздогон түр көргөзүштү.

Эң алдыда бир чынжырга кошо байлашты,
Алена менен поп Савваны, артынан Федьканы айдашты.
Эл алдына сабап –айдап чыгышты,
Бунтчулардын бардыгын топтоп жыйышты.

Туткундарды желдеттерге өткөрүштү,
Байкуштар кар үстүнө чөгөлөштү, богөлөштү.
Долгорукий алдында көз жашын төгүштү,
Күнөөлөрүн кечирүүнү өтүнүштү, өкүнүштү.

Элди алар кыйноолор менен коркутту,
Падыша кагазын көргөзүп, үшүн алып чочутту.
Соттотуп, өлтүргөнүн өлтүрүп жок кылууну,
Дыйкандарды кожоюндарына кайтарууну буюрду.

Динге эскиче ишеним менен бекем туруууга,
Адамдар кечээ эле Аленага ант бергени туура.
А бүгүнү минтип бояринге башкача баш урууда,
Киргизилген жаңы тартипке моюн сунууда.

Жеңиштин урматына кол башчы буйрук берди:
«-Бардык православдар крестке чокунгула!
Башка диндегилер ыйык китебиңерге сыйынгыла!
Кудай алдында чөгөлөп жыгылгыла!!

Төртүнчү декабрда коңгуроо кагылды эртеңки,
Ак боз атчан калдайган караан экени,
Заңкайган Долгорукий шаарга кирди,
Артынан мушкерлери, аткычтары ээрчиди.

Келаткан жол боюнда кар үстүндө жыланбаш,
Байкуш баягы козголончулар чөгөлөштү, бүгүлүштү,
Баштарын ийип, кандай жаза болсо дагы,
Баарына кайылдыгын билдиришти, күтүштү.

Түнү менен жүздөгөн адамдар дарга асылды,
Арасында поп Савва, Сидоров Федька таанылды.
Ал эми Алена-старицага базар аянтынан,
Үйдөй үйүлгөн отун өрттөөгө даярдалды.

Күнөөсү канчалык, кандай экени эске алынды,
Алена сурак бергенде Долгорукий өзү катышты.
Аны алып киргенде эски ишеним менен,
Эки манжасын өйдө көтөрдү, тике карады.
Кастарына тайманбастан катуу айтты:
-Кан ичерлер! Силерге тийсин Кудайдын каргышы!

Коркутканга, кыйналганга карабастан,
Какайып катуу турду, жооп да кайтарбастан.
Бирок, желдеттин желмогузу туш болуптур,
Камчылап сабап атты, ыссык темир басты.
Алена бир гана Кудайдан сурап турду,
Крестеги Христей кыйноого чыдап турду.

Жаны жабыркап кыйналып атып;
-«-Мыкаачылар! Тозоктогу шайтандар силерден артык!
Салаңдаган бетиңерди өрттөсөм анык!..»
Анын жаны чыдабады, алы кете баштады,
Жөн көрсөтмөлөрдү гана ортого салды,
Өз адамдарын сатпады, аларды сактады.

Өзү - болгону Арзамастык дыйкан аял экенин,
Адилеттик, эркиндик десе өлүмгө даяр дегенин.

Кургур кедей - кембагалдар кандай өмүр сүрөт,
Кантип жашап, кандай күн өткөрүшөт;-
Бала чактан суукка, ачарчылыкка көнгөн,
Эмчектен эрте ажырап, ачуу жашоо өткөргөн.

Аязда, кар үстүндө жылаң аяк, жылаң баш,
Көйнөкчөн көполөктөй чуркап жүргөндөр.
Жууркан – төшөктү түк көрбөгөндөр,
Жакшы тамак эмне экенин билбегендер.
Сөөктөн өткөн суук, шамал, жокчулук,
Саргайткан санаа, ден-соолукту жеген оорчулук.

Беш күнү кудайындай кожоюнга иштесе,
Бир күнү араң өзүнө эптеп тиштенсе,
Үйлөрүндө болгону малдын эски талпагы,
Көбүндө анысы да жок кашайып кайдагы.

Жазында айдап-сээп, жайында оруп-жыйнап,
Күзүндө бастырып, кышында токойдон отун даярдап,
Көптөрү тентип селсаяк, кайырчылык кылгандар,
Чыдабаган Алена! «-Митедей каныбызды сордуңар!»

Суракта ачык айтты мурда турмушка чыкканын,
Бирок, анысы кагындан өлүп тынганын.
Жесир неме кайда бармак, кимге батмак?
Помещик кааласа аны көрүнгөнгө сатмак.
Качып кутула албайт, кайда качмак?
Таап алса аеосуз жазаламак, кыйнамак.

Арзамаска жакын монастрга кирген эле,
Бирок, аердс да абал жакшы эмес эле.
Монастр турмушу баш аламан болгон,
Жаңы эрежелергс, жоболорго толгон.
Андан кетүүгө аргасыз болду акыры,
Аны Дьяк жазды: «Зор күнөөсү монастрдан качышы!»

Анан да шылдындап, мылжыңдап айтты:
«-Жакшылык жасайын деген тура бу шордуу,

Жыйынтыгында ушундай убалга туш болду.
Жүгүрүп жүрүп сырыңы төктүң, тирүүлөй өлдүң!»
Анда Алена: - Колума тийбей калдыңар,
Жок болмоксуңар заматта баарыңар!

Эл ичинде Аленанын эркек мүнөздүгүн айтышчу,
Аны «аял баатыр» , «аял атаман» деп аташчу.
Эркектин көйнөгүн кийчү, анан кантсин,
Кармаштарда узуну тоскоол болчу.
Аны көрө билген, табып-дарыгер санашчу,
Жакын жердегилерди дарылачу, айыктырчу.

Талаа-түздөн, токойдон түрдүү чөптөрдү терчү,
Аны жашынан апасынан үйрөнгөн болчу.
Оору-сыркоолордун урмат-сыйына ээ болгон,
Кеп-кеңешин укпагандарга кээ болгон.
Ал чыныгы православдык ишенимге аттанган,
А беркилер аны «алдамчы» деп аташкан.

Суракта Алена акыйкатты айтты, моюнга алды,
Боярларга каршы Разин согуш ачканда эң алды.
Эч нерсеге карабастан монастрды таштады,
Айланасына колдоочуларды топтоду, даярдады.
Арасында мурда сакайгандар, тааныгандары,
Алардын тууган-уруктары, дос-тамырлары.

Анын отрядына бардык уккандар келип кошулган,
Мордва, татар, орус кыштактарынан.
Ар түрдүү дин ишенимдегилер келишти,
«Акыйкат», «Эркиндик», «Теңдик» бириктирди.

Тарыхый булактарда сакталып калганы,
Аленанын коңшу айыл-кыштактарга жазганы:
«-Акыйкат үчүн тике турам! Барам, чокунам!
Ыйык орус үчүн! Адилеттик үчүн,
Кан ичер боярларга каршы согушам!
Октон коркпойм! Кайра тартпайм! Оомийин!!

Өзүнө ишенүү - азыр деле күнөө деп эсептелет,
Бул кудай жолуна туура келбейт делет.
Суракта адамдарды дарылаганын айтты,
Анысын негизги күнөө деп тапты.
Бийликке каршылыгын жазалай турганда,
Бакшылыкты анын башына такты.

Эң оор күнөөсү - монастрдан кетүүсү,
Актанууга бар эле себеп –жүйөөсү.
Гректин чени менен Патриарх Никон 1660-жылы,
Собордо чиркөө эрежелерине, китептеринс,
Өзгөртүүлөр, түзөтүүлөр киргизилгенде,
Эски православдык ишенимдегилер болушту каршы.

Алар чиркөөгө баруудан баш тартышты,
Токойлорго тыркырап чилдей качышты.
Нааразылык билдирип, өздөрүн өрттөштү,
Монастр өзгөрүүсүнө каршылык көргөзүштү.

Соловецки чиркөөсүндөгү козголоң,
Степан Разинге чейин эле болгон.
Аны өлтүргөндөн бир нече жылдан кийин,
Ал көтөрүлүштү араң-зорго токтоткон.
Алена – старица дагы көтөрүлгөн,
Айланасына нааразы элди топтогон.

Собор элди 1666-жылдын үч алтысы менен коркуткан,
Шайтандын саны деп суук айтып чочуткан:
«-Бул кыямат кайымдын жакындашы»-деп,
Эски ишенимдегилерди дүрбөткөн,
Степан Разиндин көтөрүлүшүн күчөткөн.

Шаар, кыштактарды Дон атаманы басканы,
Чиркөөлөрдөн жаңыларды кууп чыкканы.
Алардын ордуна эскилерди кайра койгону,
Жаңы тартибин алып салып жойгону.

Ал арада ошентип чак-челекей болгону,
Эл башына түшүнүксүз ойлор толгону.

Алена тишин кычырата тиштенди:
«-Эгер Икон силердин көсөмүңөр болсо,
Кудайдын, Умай эненин душманы –деп,
Аны эмнеге өзүңөүрдөн айдап салдыңар?
А бирок, анын мыйзамын тутунасыңар,
Ал күнөөнөрдөн кантип кутуласыңар?!»

Эски ишенимдегилер эми чиркөө үчүн,
Никондон калтырбай падышаны тепкиге алышты.
Аввакумдун сөзүн кайталашты:
«-Падышанын эс-акылын шайтан алды,
Айланасын кемпайлар курчап калды.
Аны өз жолунан адаштырды, алдады,

Өз башыңа эмнени үйүп алдың,
Өзүңө-өзүң жаңылыштык жасадың!
Өлүп кет эми!- дешип өчүгүштү,
Бирок, падышасыз жашоону көрүшпөдү.
Ансыз эмне болоорун элестете алышпады,
Көтөрүлүшчүлөр канзаада Алексейди –
Нечаяны тандашты.

Долгорукий Аленаны ишендирүүгө киришти,
Өз колу менен Алексейди Москвада көмгөнүн,
Ал жок, тирүү эмес, ишенгиле дегенине,
Алена түк ишенбестен бекем турду өз сөзүнө:
«-Биз өзүбүздү куткарабыз! Силерди жок кылабыз!
Элди эзгендердин башын кыябыз»!

Долгорукий эми куулукка өттү, алдай баштады:
«-Неге укпайсың? Неге жаныңды кыйнайсың?
Туура эмес жолго түшкөнүңө өкүнбөйсүңбү?
Андан көрө бизден кечирим өтүнбөйсүңбү»?!

Алена анын азгырык сөзүнө ишенбеди,
Кайра күчөдү, тикеленди, тиштенди:
«-Биз элди куткарабыз, боштондукка чыгарабыз!
Алган багытыбыздан кайтпайбыз, бекем турабыз!
Акыйкатка чакырганыма өкүнбөймүн!
Жанымдын кыйналганына кейибеймин!

Курал кармап чыкканда өлүм күтүп турганын,
Бирок, ал андан коркпогонун, жалтаңдабаганын.
Эзилип, тебеленип жашагандан көрө,
Өлүм артык! Өлүм өйдө»!

Алена танбады, жасаганын өткөн күнүн,
Адамдарын айыл кыштактарга жөнөткөнүн.
Шацки шаарын зор күч менен алганын,
Азыр Дон казак тартиби менен башкарганын.

Козголоңчулар байлардын короолоруна кирди,
Күзөттүн күчтүүлүгүнө карабастан курчоого алышты.
Дыйкандардын талабы менен ошол эле жерде,
Өлүм жазасына өкүм чыгарышты, аны тез аткарышты.
Байлардын мал-мүлкү, бардык байлыгы,
Кедейлерге өлчөнүп, бөлүнүп таратылды.

Көтөрүлүшчүлөр кимди, кандай жазалоону билишкен,
Тыңыраак орто дыйкандарга тийишпеген.
Өкмөтчүлөр өз тургундарын коркутуп, үркүткөн,
Турган жерин таштап токойго качууга көкүткөн.
Алардын тескери үгүтү ишке ашпады,
Букаралар бакырып баш-аламан качпады.

Көчөдөгү ызы-чуудан, катуу кыйкырыктан,
Карсылдаган кагышуудан, тарсылдаган атышуудан,
Күзөт аткычтарын багынтууга баары топтолушту,
Алена -старицанын топторуна кошулушту.
Аткычтардын көбү дыйкандардан чыккандар,
Өз каалоосу менен кедейлерге өтө качышты.

Темниковду алганда аскер башчы Василий Чемещев,
Кызматчы аялдын кийимин кийип качты.
Караламандар шаар капкаларын ачты,
Аленаны нан, туз менен тосуп алды.
Көкөйгө тийген көсөмдөрүн, жөкөрлөрүн,
Анын алдына түртө салышты.

Алена өз айланасындагыларды чогултту,
Кармалган башкаруучуларды өлүмгө буюрду,
Буйрук ошол замат ишке ашырылды.
Жеңгендердин алдында эсине келтирди,
Эски дин ишенимине, эркке бекем болууну,
Темниковчуларды крестке, Евангелийге чокунтту.

Ал аскер башчынын үйүнө токтогон эле,
Акыл эсеби менен тынчтык тартибине келтирди.
Казак салты боюнча бардык маселелерди,
Жергиликтүү элдин, таасирдүү адамдарынын,
Өз кишилеринин чогуу катышуусунда,
Ийри отуруп, түз бүтүмгө келишти.

Көпөстөрдүн кампаларын ачып, катылган эгинди,
Кедей-кембагалдарга тегиз таратып берүүнү,
Ошол тегерек отургандар чогуу чечишти.
Бардыгынын көзүнчө төлөнбөй калган салыктар,
Жазылган кагаздар айрылды, тытылды,
Базар аянтында өрттөлдү, эч нерсе калбады.

Кедейлердин сүйүнгөнүнө чек жок эле!
Эчен жылдар эзилгендер эми теңдикке жеткендей.
Чиркөөнү башкарган поп бошотту,
Ордуна храмда кызмат кылууга поп Саваны койду.
Сидоров Федкадан Разинчилердин жеңиштери,
Ураандары, чабуулдары тууралуу угушту.

Аленанын карапайым жүрөгү сезди башканы,
Дон атамандын ой-аракетин толук кабыл албады.

Дыйкандар алардан бир топ айырмаланды,
Башка сезим – туюмдар уялады, байырлады.
Канткен менен адилеттик үчүн күрөштө,
Андан артыгырак адам табылбады.


Карапайым калкты кыйнаган эзүүлөр,
Чиркөөдөгү туура эмес өзгорүүлөр,
Дыйкандардын, Дон казактардын тилеги,
Кыйла жакын болгон себептери,-
Душмандын бирөө болгону, күчтүү эксни,
Алена Разинди колдоочу деп эсептегени.

Казак Федька Сидоров Степан Разинден,
Алып келген аскердик эскертмени Аленага берди.
Ал аны чогулгандарга окуп кирди:
«- ... Катуу тургула, баардыгыңар, караламандар!
Орусуң, татарың, чувашың, мордоваң калбаңар!
Бскем болгула Ыйык Умайга, бардык ыйыктарга,
Биздин патриарх Никон үчүн, Нечая үчүн салгылашка!
Кан ичерлерден өчүңөрдү, кегиңерди алгыла!

Алёнанын үнү салтанаттуу жаңырып атты:
«-Силерге эркиндик, теңдик алып келүүгө,
Курал алып, кол баштап баратам!
Боярларды, дворяндарды, байларды, баарын,
Алардын эзүүсүн жок кылууга аттанам!
Бул кордукка, бул зордукка чыдабайм!

Анан ал бир аз токтоп, суук тийген үнү менен,
Оорулуу кырылдаган доошу менен улантты:
«- Боярлардын, дворяндардын туугандары, балдары,
Бизге кошулса, Ыйык согушка барышса,
Биз аларга эч тийбейбиз чынында!
Бул биздин берген ыйык убада!

Бул кагаздын көчүрмөлөрү бардык кыштактарга,
Жеткизилсин старчындарга, башчыларга!



Степан Тимофеевич Разиндин өз колу деп,
Колундагыны өйдө көтөрүп мөөрүн көргөздү,
Ал сөзүн бүтүрдү, уккандар унчукпастан жүгүндү,
Алдыда аябаган салгылашуу бардыгын түшүндү.

Алена Арзамаска жүрүшкө бараткан,
А бирок, жакынкы коргонуудан кабарланган.
Долгорукийдин аскери Темниковго жакындаган,
Пушкалары карга капталган, тыгылган.

Коңгуроо барынча кагылды, эл кайра чогулду,
«-Эмне? Эшигибизге дейре кирип келсе,
Тура беребизби унчукпай куушуруп колду,
Күтпөйбүз, күрөшөбүз! Бууйбуз жолду!

Тургандар күүлөнүп дуулдашты, чуулдашты,
Атаман Алененин чакырыгын колдошту.
Шашылыш кармашууга камынышты,
Кокус курчоодо калышса азык-оокат камдашты.

Акыйкат үчүн, эркиндик үчүн көтөрүлүп,
Четки кыштактардан чакырышты, кат жазышты.
Кол курашты жалаң дыйкан букарадан,
Айры, шиш менен жөн куралданган.

Монастрда жүргөндө сабатын жойгон эле,
Жаратылыш берген сөзмөр таланты болгон эле.
Ошондон айтканы даана, алымдуу-жугумдуу,
Уккандардын кулагына угулчу, коргошундай куюлчу.

Ноябрдын аяздуу таңында Алена старица баштап,
Долгорукий сүрөп колдогон Иван Лихаревдун келаткан,
Аскерин тоскону алдын ала утурлап,
Өз колун шаардын сыртына алып чыкты катуулап.

Айры, бешилик, шиш өңдүү нерселер менен,
Кедей мужиктер начар куралдангандыктан,
Анан да согуш өнөрүн анча билбегендиктен,
Өздөштүрбөгөндүктөн тез эле жеңилишти,
Кетенчиктеп артка чегиништи, шаарга кептелишти,
Жарадарларын өзү таңып, дарылап эптештирди.

Темниковдун шаар тургундарынын жардамынан,
Чеп дубалдарына далдаланып кармашышты.
Шаарды эки күн бербей коргошту,
Душмандар пушкадан тынбай атып туруушту.
Октору түгөнгөндө дыйкандардын айласы кетип,
Чоң таштарды, устундарды кулатышты, ургулашты.

«-Биз курудук, Кудай бизге жардам бербеди»-дешти,
Жеңилүүнүн жакындашын сезе билишти.

Мушкерлер шаарга шатыратып киришти,
Баарын таш-талканын чыгарды, кырышты.

Жаш балдарды, аялдарды да аябашты,
Кан төгүлдү, суудай акты, кызыл кыргын салды.
Эки күн эптеп кармашты, салгылашты,
Өрттөлгөн үйлөрдөн өрттөнгөн өлүктөрдү чыгарышты.

Алена жанындагылар менен үйдө камалышты,
Мушкерлерин эшиктерин талкалап кармап чыгышты.
Урганын уруп, тепкенин тээп эзгилеп,
Туткундардын колдорун артына кайрышты, байлашты.

Долгорукийдин качуу тууралуу айткан мыскылына,
Алена: Эгер баары ушундай салгылашканда,
Боярин башың менен араң качып кутулмаксың,
Бул жерде өзүң эмес, сөзүң угулмак эмес анда!

Падыша шүмшүгү аны жазалап сындыра албады,
Эч бир ыңгайлуу амал-айла таба албады.
-Азапты аябай тартайын дейсиңби?-деди чаңырып,
Жок, андай болбойт! Сени тирүүлөй өрттөйбүз отко салып.
Анысына ал татыктуу жооп кайтарды:
-От күнөөдөн тазалайт!-деген үн катты.

Ырайымсыз желдет жылаңач көкүрөгүн кайрыды,
Ысык темирди чазылдатып басканда чыдабады:
-О Кудай, кабыл ал!.. Өзүн жоготуп шалк жыгылды.
Желдет желмеңдеп терин шыпырды, оор үшкүрдү:
-Ух, өлдүңбү! Бирок, эркектен күчтүү экенсиң!
Эми тандап алган жагыңа – тозокко кетесиң!

Базар аянтында аны үйүлгөн отун күтүп атты,
Ачык өрттөп өлтүргөнгө элди топтоп жыйнашты.
Алена аянтка чыкканда эки манжасын көтөрүп,
Бардыгына басымдуу үн менен кайрылды:

-Христиандар! Кудайга сыйынгыла, унутпагыла!
Жер үстүндөгү жазадан коркуп жүрөктөн чыгарбагыла!
Аткычтар тороп тосуп турган эл унчукпады,
Желдеттер гана чаңырып-бакырып!
-Жап оозуңду бакшы! Өл, өлгөнүң жакшы!..

Куралчандардын курчоосунда зоңкойгон-доңкойгон,
Долгорукий жыгач секиде өлө токмоктолгон,
канга боелгон, сурп койнөкчөн Аленаны көргөзүп,
Үндөбөгөн, сүйлөбөгөн, тунжурап тургандарга кайрылды:

-Мына нак шайтандын өзүнүн кызы!
Күнөөсүн мойнуна албаган, ибилис ичине кирип алган.
Кудай гана жазалайт! Өрттөп тазалайт!
Көргүлө, сезгиле, билгиле! Бул Кудайдын каардуу жазасы!

Улуу урматтуу падышабыз Алексей Михайловичтин,
Ыйык патриарх Иосафтын эрки менен экенин.
Өзүмдүн бийлигимдин, Ак Сарайдын көчмө өкүмүнүн;
-Арзамастын арам шайтаны – тирүүлөй өрттөлсүн!

Топтолгон эл: Өх- деп алды, буулуккан демин чыгарды,
Жол башчысынын мындай болушун түшүнө албады.
Өкүмдү угуп Алена өкүнүүнүн ордуна,
Жердештеринин көңүлүн көтөрүүгө күч тапты:

-Акыйкаттын душманы жаман басты,
Ал оттун улуу бороонун жакты, кыйын болуп калды.
Кайраттуу болгула, христиандар сыйынгыла!
Чыныгы ишенимди бекем кармагыла!
Коркунучтуу сот келатат!-деп атканда,
Отко түрттү, сүйлөтпөдү акырына.

-Табын күнөөкөр!-деп түрмөдөн чыккан Перфимий,
Анын бетине крести жакын такады.
-Ары ал! Эллиндик келемиш!-Алена тескери бурулду.

-Силер Кудайдын да жүзүн булгайсыңар!
Айткандары адамдарга ачык угулду.

-Өрттөнөт! Бакшылыгын моюнга албады, билбеди,
Кудайдын ырайымсыз отун түшүнбөдү- деп
Долгорукий кол шилтеди.
Аскерлер отко жыгачтан да аябай ыргытышты, үйүштү,
Улуу жагып, алоолонтуп күйгүзүштү.
Желдет Аленаны отко тартты, а бирок,
Ал аны күч менен ары түрттү.

-Кармаба! Мен өзүм кирем!-деп элге кайрылды:
-Кош болгула, кечиргиле, туугандарым!
Колуман келгендин баарын жасадым, аябадым!
Колдосун өзүңөрдү бир Кудайым!

-Кечир Алена, биз сени сактай албадык!-
Деген өксүк топтон секиге даана угулду.
Бирок, аткычтар адамдарды тосту, жол буулду...
Эски орус адаты менен Алена эки манжасы менен,
Маңдайынан, көкүрөгүнө чокунду, анан отко кирди,
Ыйык отто, улуу отто кирипди!...

От күч алды, дуулдады, көтөрүлдү,
Асман жерге куюлуп көңтөрүлдү.
Тургандар тунжурады, унчукпады,
Көөдөндөр өрттөндү, бөскөрүлдү.

Шамал менен оттун чартылдашы, чачырашы, –
Ал ак менен каранын кармашы, кагылышы.
Атаман Аленанын жагылыша, жалындашы,
Элин эркиндикке, теңдикке баштаганы,
Эр жүрөк аялдын кайраттуу-айбаттуу дабышы!..

*Исматулла Парпиев.*
*25.02.2016-жыл.*

*Илимде кенен, даңгыр, түз жол жок, анын жаркыраган чокусуна таштуу тайгак жолунан коркпогон, чаалыкпаган адам жете алат.*

*Карл Маркс.*

## ИЛИМПОЗДОР

### *Үй кызматчы*

Варшава гимназиясынын физика мугалими,
Владислав Складовскийдин үй-бүлөсүндө,
Беш перзенти, Мария же Манюся эң кенжеси,
Өзгөчөсү төрт жашында окуй алган өзүнчө.

Он жашында гимназияга окууга кирди,
Аны алтын медаль менен бүтүрдү.
Он алтысында алдыга үмүт менен карады,
Келечекке кенен жол, ишеним канат байлады.

Ал өтө жөндөмдүү, зээндүү эле,
Эркин сүйлөгөн болчу төрт тилде.
Өз тили поляк, орус, немис, француз,
Азыраак сүйлөгөн, түшүнгөн англис тилинде.

Көп окуган, Лев Толстой, Гончаров, Достоевский,-
Анын сүйүктүү жазуучулары болгон.
Ал эми Гейне, Мюссе жүрөгүндөгү акындар,
Алардын ырларын эне тилине которгон.

Жетишпестик, үй-бүлө мүчөлөрү баары жаш,
Илмийген кургурлар бир кесим нанга иштешкен.
Мария өзү окуткан жеке сабактардын арасында,
Эркиндикти сүйгөн жаштар ийримине жетишкен.

Аерден социал-утописттердин окуусун таанышат,
Ийрим мүчөлөрү өздөрүнө чоң максат коюшат.
Бир эле социал - жашоо маселеси эмес,
Химия, биология, анатомияны терең окууну ойлонот.

Бул илимдердин түйүлдүгүн гимназияда тааныган,
Ийримде болсо олуттуу билимди максат кылган.
1883-жылы, жай аягында ага ой келди,
Кандай болсо да университетке кирүүнү чечти.

А бирок, анын көңүлүн чөгөрүп күтүп турду,
Варшава университетине кыз-келиндер кирбейт,- дегени.
Краково университетинин жетекчиси кемсинткен кеңеш берди;
-«Жакшысы ашпозчулук курсуна кирбейсиңби»!

Тоскоолдуктар тоо болуп көңүлүн чөгөрбөдү,
Кандай болсо да жогорку билимге аракеттенди.
Эжеси Броня да медициналык жогорку билимди,
Элге кызмат кылууну – дарыгер болууну көксоду.

Эже-сиңди чет өлкөгө, Парижге барууну эңсешти,
А бирок үйдө каражат маселеси жетишпеди.
Ошондо Мария кызга мындай ой келди,
Бай үй-бүлөгө кызматчы болууну чечти.

Тапкан каражатты Броняга Францияга жөнөтмөк,
Эжеси Сарбонна университетине кирмек.
Окууну бүтүп, дарыгер болуп, максатка жетмек,
Эмки кезек билим алуу Марияга келмек.

Муну угуп улуу эжеси таң калат,
Сиңдиси мындай тобокелге кантип барат?

Көрсө анда акыл-эс, терең ой бар экен,
Билим-илимге деген бийик максат жатат.

Помещиктин үйүндө үй кызматчы ищи,
Жек көрүндү, жагымсыз жактары көп деги.
Кантсе да Мария чыдады, түйшөлдү, –
Эптеп эжеси жогорку окуу жайын бүткөнү.

Катаал, каардуу үй-бүлө шартында,
Кызматчы оор жумуш аткарып жатканда;
Кыялынан эч чыгарбады билим алууну,
Ал үчүн түнү менен китеп окуп чыкканы.

Гимназияны бүткөндөн сегиз жылдан кийин,
Көптөн күткөн кыздын тилеги ишке ашты.
Эжеси университетти аяктап, дарыгер болду,
Жар тапты, сүйгөнүнө турмушка чыкты.

Сиңдиси Парижге баруусун, билим алуусун,
Суранды, катуу турду, талап кылды.

## Сорбоннада

Мына эми Мария Парижде Сорбонна университетинде,
Окуп жатат табигый илимдер факультетинде.
Латын кварталында эски суук жайда,
Чогуу турушат байкуш студенттер жарым ачка.

Оокаты болор- болбос бир күнгө он сантим,
Жеке сабак берет, анысы деле жарытпайт.
Каражат табуу үчүн кара жумушка кирди,
Идиш аяк жууйт, үй ичин тазалайт.

Тамакка тойбогондуктан,ачкачылыктан,
Каны азайып, алдан таят, эстен танат.
Эч кимге айтпайт, эжесине билгизбейт,
Оюнда окуу деген бир тилек, бир гана максат.

Жашоонун оор шартына, кем –карчысына карабастан,
Башкаларга караганда экзамендерин эң сонун тапшырган.
Көптү билейин деген кыздын ынтызарын, тилегин,
Илимге умтулуусун профессура да байкаган.

**Пьер Кюри менен таанышуу**

1983-жылы Мария Пьер Кюри менен таанышты,
Ал убакта ал эбак таанымал белгилүү окумуштуу.
Тууганы Поль Жак экөөсү физика, химияга киришкен.
Илимге баалуу пьезоэлектрди киргизишкен.

Кыска сезгичтүү лабораториялык тараза түзгөн,
«Кюри таразасы» деп окмуштуулар таанып билген.
Физикалык закон –«Магнетизм көрүнүшүн» тапкан,
Кийин ал « Кюри закону» деп аталган.

Мария Склодовская жөнүндө Пьер Кюри,
Польша физик –окумуштуусу Ковальскойдон уккан.
Ал Парижге аз убакытка келгенде убакыт тапкан,
Аларды- жаштарды үйүнө чакырып тааныштырган.

Пьер студент кыздын акылына, чыдамкайлыгына,
Тырышчаактык, эмгекчилдигине суктанган.
Мария кристалдык телолорду изилдеп жаткан,
Болоттун түрдүү магнит касиеттерин жазып аткан.

Кийин жолугушуулар улана берди,
Экинчи, үчүнчү, төртүнчү, эсепсиз келечектегиси.
Пьер өтө сабырдуу, салмактуу жан эле,
Аз сүйлөгөн, түз жүргөн жагы бар эле.

Акылы тунук, жан дүйнөсү таза болчу,
Илимге деген сүйүүсү Марияны өзүнө тартты.
Ортодо таза, бекем достук орноду,
Сүйүү сезими жашоолорун жаңыртты, жаркытты.

1985-жылы жайында Мария курбусуна кат жазды,
Мен турмушка чыгып атам, аны сага өткөн жылы айткам.
Арасат болуп жүрдүм эле, бирок,капыстан,
Баардыгы жакында чечилди кокустан.

Болочок жолдошум Пьер Кюрини билесин,
Физика инститтутунун профессору экенин.
Эмдиги жылы биз Польшага келебиз,
Өз мекенимди да көрсүн дегеним.

**Докторлукту жактоо**


Алар эми ийин тийгизишип чогуу иштешет,
Илимий жетишкендиктин кубанычын тең бөлүшөт.
Чыгармачылык эксперименттин азабын, кайгысын көрүшөт,
Консерватив кесиптештердин мыскылына чыдап көнүшөт.

Ошол жылы Мария Сорбоннаны аяктады,
Алгачкы илим даражасын алды, окутуучулук сынакка катышты.
Пьердин өтүнүчү менен кызыган, чыңалган болоттун,
Магниттик касиеттери жөнүндө илим жазды.

Үй- бүлөгө дагы бир зор кубаныч кошулду,
1987-жылы 12- сентябрда Мария эне болду.
Ирэн кызын өстүрүү, үй- бүлөгө көңүл бөлүү,
Илимий иштерди айкаштыруу кыйын өңдүү.

Үй –бүлөсүнө каражат абдан керек,
Аз киреше жөн жашоого, тажрыйбага араң жетет.
Француз өкмөтү илимде эбак таанылган,
Таланттуу окумуштууга болбогон ойду сунуштаган.

Шарт түзүп, тажрыйбага жардам берүүнүн ордуна,
Аны өкмөттүк сыйлыкка көрсөтүүнү ойлойт.
Муну угуп министрге кат жазат « Орденге муктаждык жок!»
Лабораторияга зарылдык, керектөө өтө чоң!



Мария өтө көп иштейт, эс алууну билбейт,
Ошентсе да илимий адабиятты үзбөй окуп келет.
Бир эсе жаңы изилдөөлөр жөнүндө барактап жатып,
Окмуштуу Анри Беккерелдин табылгасына көңүл бөлөт.

Сейрек металл урандын тузун изилдеп аныктаган,
Туз жарыгынын таасири жок эле өзүнчө нур чыгарган.
Мындай көрүнүш ал үчүн түшүнүксүз, бейтааныш эле,
Эмне экенине таң калган, жооп таба албаган.

Мария өзүнө төмөндөгүдөй максат койду,
Беккерель тапкан нурларды тактоо, аныктоо болду.
Өндүрүштүк тажрыйба жүргүзүүгө шарт жок эле,
Техникалык жабдыксыз өткөзчү эски, сыз жерде.

Арга жок, жепирейген эски сарайда ал экөө,
Узак жылдар илимий тажрыйба жүргүзүп жатты.
Акырында кайраттуу иш аракеттин натыйжасында,
Алар тарабынан «Радиоактивдүүлүк» табылды!

Ошентип, эрди-зайып окмуштуу Кюрилер,
Өзүнчө нур чыгарган нерсенин касиетин аныкташты.

Бул термин илимде түбөлүккө өчпөстөн,
«Радиоактивдүүлүк» деп аталып калды.

Изилдөөлөр өтө олуттуу экенин байкап,
Пьер кристалл телолорду изилдөөнү таштап.
Мария баштаган оор жумушка экөөлөп киришти,
Илимде өзгөчө чоң ачылыш болоруна ишеништи.

Алардын изилдөөсү узак убакытка созулду,
Мурдагыдай элс каражаттан жардам болбоду.
Түмөн түйшүктүү, машакаттуу тажрыйбалар,
Радиоактив илиминде жаңы ачылыштар коштолду.

Уран тегинде али белгисиз эки элементти табышты,
Бирөөсүн «радий», экинчисин «полоний» деп аташты.
Себеби, французча, Польша Полония делет,
Мариянын сүйүктүү мекенинин урматына дешет.

Көп өтпөй докторлук диссертациясын коргоду,
Темасы: «Радиоактивдүү нерселерди изилдөө» болду.
Бул илим тарыхында зор ачылыш болчу,
Материя түзүлүшү жөнүндөгү табылыш кошулду.

Мариянын эмки аракети – уран туздарын алууга,
Уран тетигинин калдыктарын анализдөөгө.
Ал жыйынтыкка жетүүгө өтө татаал, оор болду,
Анда кайрат -күч, эрк бар эле ошончолук жогору.

Төрт жыл ичинде ал кээде окмуштуу, кээде инженер,
Кээдс кара жумушчу-төккөнү маңдай тер.
Канчалык кыйналса да, илмийип ыргалса да,
Көз алдына ачылыштар, ийгиликтер элестер.

Жыйырма кило уран рудасын иштеп чыгуу,
Оор идиштерди көтөрүп ары-бери жылдыруу,
Суюктукту утур – утур, кайра-кайра куюштуруу,
От казанда кайнаган «боткону» узак аралаштыруу.

Сегиз тонна уран рудасынан өз колдору менен,
Кайнатып атып бир грамм радийди араң алат.
Аны өндүрүштүк жол менен өндүрүүнү,
Татаал технологиялык жолдорун табышат.

Мария менен Пьер башка ойлоп табуучуларга окшоп,
Капиталисттик коомдо патент алып байыса болмок.
Бирок өз ачылыштарын адамзаттан жашырбады,
Жеке керт башынын кызыкчылыгына барышпады.

Беш жыл 1899-1904-жылдар арасында,
Илимий ачылышка арналган отуз эки эмгек жазышты.
Жутунган капиталисттерге Кудай бере салды,
Алардын ачылышынан дүркүрөп байып калды.

Ал кезде бир грамм радий 750 миң франк эле,
Байыгандар байый берди, байый берди...
Ал эми карапайым окмуштуулар ошол бойдон,
Изилдөө иштерине муктаждыкта кала берди.

Алардын атом ядросундагы ачылышына,
Андан терең процесстерге кең жол салышына.
Бир кылымдан ашык убакыт өттү дагы,
Бул багытта зор ийгиликтер жаралды.

Илим жеңиш үчүн алардын эрдиги эбегейсиз,
Каражатсыз, жардамсыз, колдоосуз.
Өз жандарын кооптуу курмандыкка чалышкан,
Ага карабастан татаал даңгыр жолду табышкан.

Радий, андан чыккан радон нурлары,
Адам денесине тийгизген күчтүү таасири.
Пьер бир нече саат колун тосуп турган,
Жараат алган, анысынан араң сакайган.

Мария өзүнө төмөндөгүдөй сыноо жүргүздү,
Активдүү бөлүкчөлөр салынган жабык түтүктү,

Колуна кармап кайсыдан таасир келет,-
Металл түтүктөнбү же анын ичиндеги бөлүкчөлөрдөнбү?

Колуна күчтүү күйүк алган, ошондуктан,
Илимий жактан алдын алуусу аныкталган.
Адам терисине тийгизген катуу таасирине,
Алар радий касиетине абдан таң калышкан.

Дарыгерлер менен бирдикте жаныбарларга жасаган,
Көптөгөн тажрыйбалардын натыйжасынан.
Радиотерапияны табышкан, аны «кюритерапия» деп аташкан.
Шишикти, тери ооруларын жана башкаларын даарылашкан.

Кюрилер бүткүл дүйнөгө таанылып калган кезде,
Досторунун айткан сунуштарынын негизинде.
Француз Илимдер Академиясына талапкерлигин коюшту,
Бийлик колдогон окмуштуу өткөнүнө күбө болушту.

1903-жылы, июнда аларды Лондонго чакырышты,
Королева коомун же илимдер академиясы деген,
Радиоактивдүүлүк жөнүндө баян жасоого,
Мария Кюри алгачкы аял эле уруксат берилген.

Окуган баяны эң сонун кабыл алынды,
Сый-урмат көргөзүлүп, узакка кол чабылды.
Андан ары чакыруулар, кабыл алуулар уланды,
Ардактуу конокторго каалоо-тилектер айтылды.

Кабыл алуу кечелерде кербезденген айымдардын,
Моюндарында, манжаларында асыл таштар жаркырайт.
Ал эми улуу окмуштуу Марияда жөнөкөй жупунуулук,
Күңүрт түс койнөк жеңине күйгон колдорун камтылайт.

Беш айдан кийин Лондон Король коомчулугу,
Пьерге, Мария Кюрилерге атактуу англис химиги.
Деви атындагы алтын медаль тапшырышат,
Алардын зор эмгегин баалашат, таанышат.

Бир айдан кийин Стокгольмда Швеция Академиясы,
Кюри жубайларга, Анри Беккерлейге физикадан,
Радиоактивдүлүк, радиоаквтидүү элементтерди ачканы,
Атактуу Нобель сыйлыгын ыйгарышат.

Ушундан улам уялдыбы кийинки 1904-жылы,
Фрнация Кюри жубайларды өз жарандарын араң тааныды.
Сорбанна унивреситетинде жаңыдан кафедра ачылды,
Физика – математика факультетине профессорлукка дайындалды.

Физика- химия мектебинде оор окутуучулук иш калды,
Лаборатория түзгөнгө мүмкүнчүлүк табылды.
Аны жетектөө жагы жубайы Марияга жүктөлдү,
А бирок, ал изилдөө эмес окуу багытында,
Улуу окмуштуулар тажрыйба – сыноолорун,
Мурдагыдай эле ыңгайсыз жайда жүргүзүштү.

**Пьер Кюринин өмүрүнүн акыркы жылы**

1905-жылдын июнь айы,
Пьер жана Мария Кюри Стокгольмго келишти.
Нобель сыйлыгынын уставы боюнча алар айтышат,
Швед Илимдер Академиясында баян жасашат.

Пьер жеке өзүнүн жана аялынын атынан,
Радийдин ачылышы менен физика, химиядагы,
Геология, минералогия, биология медицинадагы,
Таасири жөнүндө кенен -- кесир баяндайт.

Жүз он бир жыл мурда Швед Академиясында,
Анын пайгамбардай айткан сөзү ушул кезге чейин,
Өз маанисин жоготпойт, оңдолбойт, унутулбайт.
Илимий көрө билген улуу окмуштууга айтылат.

Радиоактивдүүлүк жана атом ядросундагы,
Камтылган энергияны колдоонун маанисин даана,

Пьер Кюри айткан: Алдын ала айтса болот,
Кылмышкер колундагы радий коркунучтуу кооптонтот.

Ошондон улам ушундай суроо туулат,
Чын эле адамзат үчүн жаратылыш сырын билүү пайдалуубу?
Же болбосо, аны пайдаланууга жетилдиби, жокпу?
Же аны билүү али бери зыянбы?..

Күчтүү жардыргычтар адамдарды жакшы,
Нерселерди жашоого шарт түзсө, ошол эле кезде,
Элдерди согуш жолуна түрткөн кылмыш төбөлдөр,
Коркунучтуу кыйраткыч куралга айлантат.
Мен өзүмдү акыр эсебинде адамзатка зыян эмес,
Пайданы алып келген жаңы ачылыштар дегенге кошомун.

Парижге кайткан соң Француз Илимдер Академиясына,
Азыраак артыкчылык добуш менен өткөнүн угат.
Азыраак артыкчылык – ал анын акыйкатчылыгы,
Академиясы төрөлөрүнө моюн сунбаганы, көз карандысыздыгы.

Пьер дале күчкө толо, зайыбы экөө илимий ишке толтура,
Бул окуя 1906-жылы, 19-апрелде орун алды.
Аба ырайы салыңкы, бүркөө, жамгырлуу күн эле,
Күндүзү окмуштуулар жыйынында болду, анан үйүнө кайтты.

Ал көчөдөн өтүп бара жатканда араба уруп кетет,
Аттар аны аттап өтөт, эч жерине тийбейт.
Бирок, алты тонна жүк тартып бараткан,
Арткы дөңгөлөгү анын башын бырчалап жиберет.

Жесирине француз өкмөтү улуттук пенсия сунуштайт,
Бирок, Мария макул болбойт, баш тартат.
-«Мен азырынча өзүмдү, балдарымды багууга күчүм жетет»-дейт.
«Профессор милдетин аткаруучу» наамын беришет.

## Окумуштуунун триумфу

Унуверситет кафедрасын жетектеген алгачкы аял профессор,
Францияда бул биринчи жолку болуп калды.
1908- жылы Мария штаттуу профессор наамын алды,
Буерде ал радиоактивдүүлүк курсунан лекция окуду.

Өмүрүнүн акыркы жылдардагы илимий иштери-
Окумуштуунун оңой эмес ийгиликтери, жеңиши.
1907-жылы аны Петербург Илимдер Академиясына
Мүчө- корреспонденттигине шайлашы, баа бериши.

1911-жылы Мария экинчи ирет-Нобель сыйлыгын алды,
Бул саам химия жаатындагы жаңы ачылыштары.
Жолдошу Пьердин каза болгондон берки жалпы,
Анын илимий иштеринин салымы, багынтышы.

1913-жылы Париждеп туруп мекени Падышадагы
Илимий лабораторияны уюштуруу, башкаруу.
Бул өлкөсүндөгү илимдин өсүшүнө камкордук,
Жаш окумуштуулар « Кюри айым» деп тегерегинде.

Анын жетекчилиги, көзөмөлү менен Парижде,
Радий институту куралат жана иштей баштайт.
Ал жерде бардык радиоактивдүүлүк иштери,
Биологиялык изилдөөлөр, « Кюритерапия», рахты дарылайт.

Бул планды ишке ашыра баштаганда, караңгалгыр,
Биринчи дүйнөлүк согуш башталат, тоскол кылат.
Окумуштуу колго алат, жарадарларга жардамга барат,
Аскер госпиталдарга көчмө рентген кабинеттерди уюштурат.

Согуштан кийин өзүнүн иштерин улантат,
Төрт- беш жыл ичинде отуз бир ишти жазат.
Орус окумуштуулары сый- урмат менен карайт,
Совет өлкөсүндө өзгөчө көңүл бурулат, урматталат.

1926- жылы аны СССР Илимдер Академиясына,
Ардактуу мүчөлүккө бир добуштан шайлашат.
Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү өздөрүнүн,
Илимдер Академиясина кабыл алынат, сыйлашат.

1934-жыл 67 жашында Мария Склодовская кайтыш болду,
Акыркы күндөрү көзү көрбөй, кулагы укпай калды.
Чарчабаган, талыкпаган илимпоз өз ишин улантты,
Айланасындагы шакриттеринен сокурлугун абайлады.

Ал эми алар өз мугалим- досун сүйгөн окуучудай,
Улуу устатынын оорусун байкабагандай болушкандай.
Баягыдай эле күлүп- жайнап жарык маанай,
Айткандарын так өз маалында аткаргандай.

Франциянын алдынкы дарыгерлери жардамга келди,
Бирок, алардын аракеттери пайда келтирбеди.
Оору түгөнүп бараткан организмди бошондотту,
Айткандарын так өз маалында аткаргандай.

Ачып тактап көрсө илдети- жаман оору анемия,
Кандын азайышы, жүлүндүн каршылык жоготкону.
Туруштук бере албай, өлчөмдөн өтө төмөндөшү,
Радий нуруна узак тургандын ууланып көрүнүшү.

## Ирэн Жолио-Кюри

Мария Сколодовская- Кюринин Ирэн кызын,
Физикага болгон сүйүүсү сүйүктүү энесинен өткөн.
Өтө жашында, жыйырма үчтө Сорбоннаны аяктады,
Алгач апасынын лабораториясында иштей баштаган.

1925- жылы жыйырма сегиз жашында,
Ирэн илимий докторлук диссертациясын жактады.

Атасынын жаркын элеси, апасынын жандуу үлгүсү,
Анын көз алдында шык берип, колдоп турганы.

Радий Институтунун лабораториясында жаш окумуштуу,
Фредерико Жолио Мариянын колунда иштеди.
1926- жылы Ирэн менен Фредерико үйлөнүштү,
Жаш жубайлар өздөрүн Жолио Кюри  деп атоону өтүнүштү.

Алардын үйлөнүшү ата- энесиндей эле бактылуу,
Таалайлуу, эмгекчил, ынтымактуу, максаттуу.
Изилдөө иштеринде, чыгармачыл ийгиликтерге,
Бекем турушмак, умтулмак улуу бийиктерге.

Апасы кайтыш болгондо Ирэн 37 жашта болчу,
Аны менен ага абдан оор, кыйын болду.
Жакын досунан , акылманынан, даанышманынан,
Биротоло ажыраган илимий жетекчисинен, устатынан.

Париж университети   Ирэнге ата-энеси иштеген жерин,
Ошол эле факультет, ошол эле кафедраны  башкарганды.
Кийинчерээк Кюри атындагы радий институтун,
Лабораториясын жетектөөнү кошоыйгарышты.

Бул кызматтарга дайындоолор анын ата-энесине,
Көрсөтүлгөн урмат-сый гана эмес дегеле.
Ошол эле учурда Ирэн Жолио Кюри өзү да,
Илимдин зор ишмерине жетишкен эле.

Илимдин терең таатал изилдөөсүндөгү,
Залкар ата – энеси тандап алган жолдун, эми.
Тууралыгына шыктанып, кичинекей бала кезиндеги,
Апа оозунан уккандарды улантууга кайраттуу киришти.

1928- жылдан Ирэн жолдошу экөө бирдикте,
Атом ядросу физика чөйрөсүндө иш жүргүзүшөт.

Алты жыл аралыгында улуу ачылышка жетишет,
Ал «жасалма радиоактивдүүлүк» деген касиет.

Жубайларга Нобель сыйлыгы берилди,
Алардын илимий иши ата- энеси баштаган.
« Радиоактивдүүлүк» деген касиет,
Атом ядросунун чачырашын уланткан.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Ирэн Жолио Кюри,
Өзүн франциянын алдыңкы патриоту катары көрсөттү.
Гитлердик баскынчылык учурда каршылык кыймылына,
Согуштан кийин тынчтыкты жактоочулар тарапка өттү.

1948-жылы мартта Ирэн Жолио- Кюри,
Эмигрант- антифашисттерге жардам көрсөтүү комитетинин.
Чакыруусу менен Америка Кошмо Штаттарына келди,
Элдин ой –тилегин, күч- аракетин өз көзү менен көрдү.

Бирок, согушка каршы активдүү күрөшкөнү үчүн,
Аерде репрессияга тез – тез тушуга баштады.
Полиция атактуу окумуштууну абакка да алды,
Ошентип акырында өлкөдөн да айдалды.

Өз өлкөсү Францияда дагы артынан аңдышты,
Экөөнө тең сый көрсөтпөй калышты.
Эң сонун жигердүү иштеп жаткандарды,
Атом энергиясы комиссариат курамынан чыгарышты.

Ирэн Советтер Союзуна ак ниеттик менен караган,
Көп келген, Илимдер Академиясына сессияга катышкан.
Апасы да, өзү да анын мүчө- корреспонденти болгон,
Дүйнөлүк олутту маселелерди ортого койгон.

1951-жылы Ирэн Жолио Кюри кайтыш болду,
Эки жылдан кийин жолдошу да жарыкчылык менен коштошту.
Залкар окумуштуулар, тынчтык үчүн тынч албагандар,
Жаркын элеси элдин эсинен чыкпагандар!

Мария Склодовская-Кюри, жубайы Пьер Кюри,
Кызы Ирэн, күйөө баласы Фредерико- Жолио Кюри.
Дүйнөлүк илимге кошкон зор салымдары,-
Адамзатка түбөлүк калтырган кымбат кызматтары!

*5-июнь 2016-жыл.*
*Кеңеш айылы, Кара Кулжа району.*

# МАЗМУНУ

Аруулук менен акмакчылык
жөнүндө поэмалар.................................................... 3
Гендердик саясатка шайкеш поэмалар .............................. 5
Элчилер...................................................................... 6
Кара Бугу .................................................................... 21
Кундуз сулуу ............................................................... 31
Барак.......................................................................... 57
Атаман Алена, же орус Жанна ДАрк. ............................. 65
Илимпоздор ................................................................ 82
Сорбоннада ................................................................. 84
Пьер Кюри менен таанышуу ........................................ 85
Докторлукту жактоо ..................................................... 86
Пьер Кюринин өмүрүнүн акыркы жылы ............................ 91
Окумуштуунун триумфу ................................................ 93
Ирэн Жолио-Кюри ....................................................... 94

*Адабий көркөм басылма*

**Парпиев Исматулла**

**ЭЛЧИЛЕР**

*Тарыхий поэмалар*

Редактору *Коңурбаев А.*
Корректору *Кадыров М.*
Компьютерде терген *Акматова Ж.*
Дизайны *Кадыров М.*
Компьютердик калыпка салган *Кадыров М.*

Басууга 06.02.2017-ж. кол коюлду.
Форматы $60x84^{1/16}$. «Times New Roman» арибп.
Офсет кагазы. Көлөмү 6,25 басма табак.
Нускасы 500 даана. Буйрутма №70.

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги чектелген
коомунун басмаканасында басылды.
720011, Бишкек ш., А.Суюмбаев к., 144/23.
Тел.: + 996 312 43-20-75, 43-19-51